## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2014-жылдын 25-июну № 4267-V*

### "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" боюнча Мамлекеттик максаттуу программанын долбоорун бекитүү жөнүндө

Сот реформасын ишке ашыруу жана сот бийлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жактырылган (2014-жылдын 19-мартындагы № 174 токтому) "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" боюнча Мамлекеттик максаттуу программа (мындан ары - ММП) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- ММПны колдонуу мөөнөтү бүткөндөн кийин кийинки отчеттук мезгил үчүн ММПнын аткарылышынын жыйынтыктары боюнча отчетту 1-майга чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин;

- ММПны талкуулоонун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары жана депутаттык фракциялары тарабынан айтылган сунуштарды эске алсын жана ММПга тиешелүү өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин;

- ММПны аткаруу мониторингин жыл сайын жүргүзсүн жана кезектеги жылга Бюджеттик резолюциянын долбоору киргизилгенге чейин аны ишке ашыруу деңгээли жөнүндө тыянактар камтылган жыйынды отчетту Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши берсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Сот-укуктук маселелер жана мыйзамдуулук боюнча комитетине (Т.Т.Туманов) жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин**
**Төрагасынын орун басары** **Т.Зулпукаров**

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
2014-жылдын 25-июнундагы
№ 4267-V токтому менен
бекитилген

## "2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасынын паспорту

Соттук реформаны андан ары жүзөгө ашыруу жана Кыргыз Республикасында сот бийлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 33-беренелерин жетекчиликке алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасынын тиркелген долбоору жактырылсын.

2. "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасынын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жактыруу үчүн жиберилсин.

3. Кыргыз Республикасышш Жогорку Кеңеши "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасынын долбоорун караган учурда Кыргыз Республикасынын финансы министрине, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасына, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин төрагасына, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментинин директоруна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана сот тутумунун расмий өкүлдөрүнүн ыйгарым у кугу берилсин.

4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасынын долбоорун кезексиз тартипте кароо суралсын.

5. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тиешелүү жылга жана пландалган мезгилге республикалык бюджетти түзүүдө республикалык бюджеттин эсебинен каржылануучу республикалык программалардын тизмегине "2014-2017-жылдарга Республикасынын сот тутумун енүктүрүү" мамлекеттик программасынын долбоорун киргизишсин.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаменти жактырылган жана бекитилген “2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасынан келип чыгуучу иш-чаралардын планын иштеп чыксын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **Дж.Оторбаев**

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2014-жылдын 19-мартындагы
№ 174 токтому менен
бекитилген

## "2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" МАМЛЕКЕТТИК МАКСАТТУУ ПРОГРАММАСЫ

# "2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасынын паспорту

| | |
|---|---|
| Максаттуу программанын аталышы | "2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасы |
| Максаттуу программаны иштеп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынган дата | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы № 147 "Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы |
| Мамлекеттик тапшырыкчы-Максаттуу программанын координатору | Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Соттук реформа боюнча кеңеш |
| Максаттуу программанын мамлекеттик тапшырыкчылары | Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти |
| Максаттуу программанын негизги иштеп чыгуучулары | Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| Максаттуу программанын максаты | (караңыз: Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы № 147 "Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11 Жарлыгы менен бекитилген 2014-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын) |
| Максаттуу программанын милдеттери | (караңыз: Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы № 147 "Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11 Жарлыгы менен бекитилген 2014-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын) |
| Программанын эң маанилүү максаттуу индикаторлору | - бирдиктүү маалыматтык тутумга киргизилген автоматташтырылган жумушчу орундардын (бирдиктердин) саны;<br>- актуалдуу абалда болгон веб-сайты бар соттордун саны (бирдик);<br>бир судьяга туура келген жайлардын жалпы аянты (кв. метр);<br>турак жай берилген судьялардын, жалпы юрисдикциядагы соттордун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин аппарат кызматкерлеринин саны (адам) жана берилген турак жайдын жалпы аянты (кв. метр);<br>күзөттүн техникалык каражаттары киргизилген соттордун имараттарынын саны (бирдик) |
| Максаттуу программанын иш-чараларынын натыйжалуулугунун эң маанилүү көрсөткүчтөрү | - бирдиктүү маалыматтык системага киргизилген автоматташтырылган жумушчу орундардын (бирдиктердин) саны;<br>- актуалдуу абалдагы веб-сайты бар соттордун саны (бирдик);<br>- бир судьяга туура келген жайлардын жалпы аянты (кв. метр);<br>- күзөттүн техникалык каражаттары киргизилген соттордун имараттарынын саны (бирдик); |

| | |
|---|---|
| | - турак жай берилген судьялардын, соттордун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин аппарат кызматкерлеринин саны (адам) жана берилген турак жайдын жалпы аянты (кв. метр); |
| Максаттуу программаны ишке ашыруу мөөнөттөрү | 2014-2017-жылдар |
| Максаттуу программаны каржылоонун көлөмү жана булактары | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен макулдашуу боюнча |
| Максаттуу программаны ишке ашыруунун күтүлүүчү акыркы жыйынтыктары | Максаттуу программаны ишке ашыруунун натыйжасында сотторду бюджеттик каржылоону жакшыртуу жана материалдык-техникалык камсыздоо, сот адилеттүүлүгүнүн ачык-айкындыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, сот органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, сот актыларынын сапатын арттыруу, ошондой эле аларды аткаруу деңгээлин жогорулатуу үчүн шарттар түзүлөт. |

## 1. Киришүү

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамдын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоого кепилдик берет жана сот адилеттигин ишке ашыруунун негизги принциптерин бекемдеди: бардыгынын мыйзам жана сот алдында теңчилиги, судьялардын көз карандысыздыгы, сот өндүрүшүнүн атаандаштыгы жана тараптардын тең укуктуулугу, сотторду сот адилеттигин толук жана көз карандысыз ишке ашыруу үчүн зарыл көлөмдө каржылоо боюнча мамлекеттин милдети.

Сот тутуму жарандык коомду курууда жана улуттук экономиканы өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт.

Соттор талаш-тартыштарды көз карандысыз жана калыс чечүүсү Кыргызстандын инвестициялык жактан жагымдуулугун камсыздоонун жана калктын ишкердик активдүүлүгүн жогорулатуунун бир шарты болуп саналат.

Сот этностор аралык ынтымакты, жарандык тынчтыкты жана Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоодо мамлекеттин эң маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат, анткени бардыгынын мыйзам жана сот алдында тең укуктуулугу жөнүндө конституциялык принциптин кынтыксыз сакталышы ага жараша болот.

Мамлекеттик бийлик органдарынын, судьялык коомчулук органдарынын биргелешкен күч-аракеттеринин натыйжасында жетишилген 1994-2009-жылдардагы сот реформасын ишке ашыруудагы айрым оң натыйжаларга карабастан, сот ишинин маанилүү маселелери чечилбеген бойдон калды.

2010-жылдагы апрель революциясынан кийин өлкөнүн сот тутумун реформалоо боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ошондой эле жарандык коом тарабынан зарыл иш-чаралар өткөрүлдү.

Ошону менен катар өлкөнүн сот тутуму эски көйгөйлөргө да, ошондой эле сот тутумунда түп-тамырынан бери жана сапаттуу өзгөртүүнү талап кылган коомдогу жаңы "чакырыктарга" да туш болууда. Сот адилеттигин жүргүзүүнүн сапаты жана маданияты, соттордун кадыр-баркы жана коомдун судьяларга болгон ишеними төмөнкү деңгээлдеги бойдон калууда.

"Сот системасы ачык-айкын жана анын иши жарандык коом тарабынан контролдоо үчүн жеткиликтүү болууга тийиш. Натыйжада сот мамлекеттеги коомдук турмуштун айдыңына көз карандысыз, жеке таламдардан, саясий көшөкөрлөнүүдөн жана идеологиялык ынанымдардан оолак, мамлекетте мыйзамдын жана адилеттиктин кепили катары чыгууга тийиш. Күчтүү сот бийлигинин болушу экономикалык укук мамилелеринин туруктуулугунун өбөлгөсү болуп калууга жана өлкөнүн экономикасынын атаандашууга жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга тийиш"(1).

Социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн учурдагы этабы соттордун сот адилеттигин ишке ашыруунун сапаттуу жаңы деңгээлине өтүүсүнүн зарылдыгын талап кылып, жаңы милдеттерди коюуда. Бул соттордун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында кошумча ресурстарды тартуу үчүн олуттуу мамлекеттик колдоонун жана программалык-максаттуу мамилени колдонуунун зарылдыгын шарттайт.

Сот тутумун, ошондой эле сот чечимдерин аткаруу тутумун реформалоо жана өнүктүрүү, программалык-максаттуу метод менен байланышкан проблемаларды комплекстүү чечүү зарылдыгы объективдүү себептер менен шартталган, анын ичинде:

- демократиялык укуктук мамлекетти куруу үчүн сот адилеттиги органдарынын натыйжалуу ишинин маанилүүлүгү;

- коомду жана сот адилеттүүлүгүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү процесстеринин өз ара тыгыз байланышы;

- сот тутумунун аны түзүүгө жана иштетүүгө карата өзгөчө талаптары менен уюштуруу түзүмүнүн татаалдыгы;

- проблемалардын көп түрдүүлүгү, аларды чечүү үчүн көлөмү боюнча маанилүү жана узак мөөнөттө ишке ашырууну талап кылган инвестициялык долбоорлорду жана иш-чараларды аткаруу зарыл.

Бул шарттарда "2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүүнүн" мамлекеттик максаттуу программасын бекитүү жана киргизүү жөнүндө маселе актуалдуу болуп калды. Бүгүнкү күнгө чейин өлкөнүн сот тутумунда кандайдыр бир стратегиялык пландоо болбогондугун, бул да аны өнүктүрүүгө терс таасир эткендигин белгилей кетүү зарыл.

2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү программасын киргизүү учурдагы сот адилеттиги тутумун демократиялык укуктук мамлекеттин талаптарына жана эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган ченемдерине шайкештигин камсыздоо максатында аны сапаттуу жаңылоо үчүн кыйла максатка ылайыктуу болот.

2012-жылдын май-июль айларында өткөрүлгөн өлкөнүн сот тутумуна функционалдык талдоо жүргүзүү сот тутуму кандай иштээрин, анын күчтүү жана алсыз жактарын, соттордун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу, ошондой эле сот реформасына тоскоолдук кылышы мүмкүн болгон тышкы тобокелдиктерди жана коркунучтарды болтурбоо үчүн кандай чараларды көрүү керектигин аныктады.

Төмөндө келтирилген "2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүүнүн мамлекеттик максаттуу программасы" (мындан ары - Максаттуу программа) ушул функционалдык талдоо жүргүзүүнүн логикалык бүтүшү болуп калды.

Максаттуу программа Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин ишке ашыруу жаатындагы стандарттарга шайкеш келүүгө умтулуусу, ошондой эле маалыматтык технологиялардын өнүгүшү менен шартталган жаңы милдеттерди чечүүгө багытталган.

Аталган милдеттер аларды чечүүгө комплекстүү мамиле кылууну жана олуттуу финансылык жана материалдык чыгымдарды талап кылат. Максаттуу программаны ишке ашыруу үчүн зарыл каражаттарды сот тутумун өркүндөтүүгө багытталган артыкчылыктуу долбоорлорго жумшоо жалпысынан өлкөдө экономикалык мамилелерди өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү.

Максаттуу программа сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн, ачык-айкындыгын камсыздоо, коомдун сот адилеттигине ишеничин жана иштерди кароонун натыйжалуулугун жогорулатуу, судьялардын көз карандысыздыгын камсыздоо жана сот актыларын аткаруу деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле сот адилеттигин жүргүзүү үчүн шарттарды түзүү көйгөйлөрүн комплекстүү чечүүнү болжолдойт.

Коюлган максаттарга ылайык программада айкын тактикалык милдеттер аныкталган, алар коюлган максаттарга ылайык такталган, дайындуу көйгөйлөрдү чечүүгө так багыты бар, коомдук маанилүү пландаштырылган акыркы натыйжаны чагылдырат.

Максаттуу программаны ишке ашырууда келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктер жана аларды башкаруу боюнча иш-аракеттер аталып кетти.

Дайындуу иш-аракеттер планы аныкталган, ал сот тутумун өнүктүрүү максаттарына жана милдеттерине, ошондой эле убактылуу аралыкты жана сапаттык же сандык индикаторду көрсөтүү менен Максаттуу программаны ишке ашыруунун күтүлүүчү акыркы натыйжаларына жетишүүгө багытталган (Стратегиялык документтин иш-чараларын ресурстук камсыздоо).

Иш-чаралардын Максаттуу программанын максаттарынын жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүүнү жана баа берүүнү жүзөгө ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кароочу пункттарды камтыйт.

---

(1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы № 147 "Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы

## 2. Кыргыз Республикасынын сот тутумундагы учурдагы кырдаалды талдоо

Азыркы этапта Кыргыз Республикасынын өнүгүүсү жарандык коомдун мамлекеттик бийлик органдарынын ишине, биринчи кезекте, сот бийлигинин органдарына жогорулатылган көңүл буруу менен мүнөздөлөт.

Мамлекеттин саясий-укуктук институттарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын аткарылышын камсыздоо үчүн төмөнкүдөй көйгөйлөрдү чечүү зарыл:

- жеке менчик укугун коргоо, менчикти коргоону камсыздоо жөндөмдүүлүгү инвестициялык чөйрөнүн жагымдуулугунун жана мамлекеттик бийликтин натыйжалуулугунун критерийлеринин бири болуп саналат деген түшүнүктү коомдо калыптандыруу;

- сот кабыл алган чечимдердин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн камсыздоочу сот реформасын жүргүзүү;

- коррупцияга каршы күрөшүү;

- мамлекеттик органдардын, анын ичинде соттордун иши тууралуу маалыматка жетүүнү олуттуу түрдө жакшыртуу;

- мамлекеттик функцияларды натыйжалуу аткаруу жана мамлекеттик социалдык кепилдиктерди ишке ашыруу максатында тийиштүү кадрдык камсыздоо.

"2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында" коюлган милдеттер өлкөнүн сот тутумун өнүктүрүү үчүн негиз салуучу болуп саналат.

Азыркы учурда сот адилеттигине жетүү, сот адилеттигин жүргүзүүнүн сапаты, сот өндүрүшүнүн мөөнөттөрү, жарандардын сот тутумунун иши жөнүндө жетишсиз маалымдалгандыгы, соттордун канааттандырарлык эмес иши, сот актыларынын натыйжасыз аткарылышы, сот адилеттигин жүргүзүү үчүн зарыл шарттардын жоктугу ж.б. менен байланышкан бир катар көйгөйлөр бар.

Ушуга байланыштуу сот адилеттигин ишке ашыруунун сапатын жана мөөнөттөрүн жакшыртуу, сот тутумунун ачык-айкындыгын, сот чечимдеринин натыйжалуу аткарылышын, ошондой эле өнүктүрүүгө инновациялык мамиле кылууну калыптандырууга мүмкүндүк берген заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды сот тутумуна тез арада киргизүүнү камсыздоо зарыл.

Сот адилеттигинин ачык-айкындуулугун жана сот адилеттигине жарандардын жетүүсүн камсыздоонун эң маанилүү фактору болуп сот адилеттигин ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүү саналат, башкача айтканда сотторду жарандык, жазык, административдик жана сотко тиешелүү башка иштер боюнча сот адилеттигин ишке ашыруунун учурдагы талаптарына жооп берген имараттарга жайгаштыруу, ошондой эле төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо:

- жарандардын ачык сот жыйындарын өткөрүүгө катышуусу;

- сот жыйындарына соттолуучунун, айыптоочулардын, жактоочулардын, жабырлануучулардын, күбөлөрдүн жана сот процессинин башка катышуучуларынын катышуусу;

- судьялардын, ал эми келечекте - сот арачыларынын кеңешмесинин сырын сактоо;

- күбөлөрдү алардын коопсуздугу камсыздалгыдай шарттарда суракка алуу;

- сот жыйындарынын жүрүшүндө фото, кино, аудио жана видеоматериалдарды көрсөтүү;

- судьялардын жана сот аппаратынын кызматтык жайларда тиешелүү түрдө жайгашуусу;

- жазык иштерин кароодо соттолуучуларды тиешелүү түрдө убактылуу кармоо;

- буюм далилдерин сактоо жана текшерүү;

- сот аппаратынын кызматкерлеринин контролдоосу менен прокурорлор, адвокаттар жана сот процессинин башка катышуучулары үчүн иштердин материалдары менен таанышуусу;

- учурдагы жана өндүрүшү аяктаган сот иштерин архивдик сактоо;

- юридикалык адабият менен ишти уюштуруу;

- жалпы колдонуудагы заманбап электрондук каражаттарды колдонуу менен маалымат алуу жана алмашуу.

Ушуга байланыштуу соттордун имараттарын куруу, кайра конструкциялоо жана сатып алуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу, ошондой эле соттордун имараттарын коопсуздук жана күзөт каражаттары менен камсыздоо мурдагыдай эле актуалдуу болуп саналат.

### 2.1. Мыйзамдар

Кыргыз Республикасынын сот тутумун (мындан ары - сот тутуму) уюштуруу жана анын иши Кыргыз Республикасынын Конституциясы, "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" конституциялык Мыйзамы, "Кыргыз Республикасынын Жогору Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө", "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Судьяларын тандоо боюнча кеңеш жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

Кыргыз Республикасынын сот тутумунун ишин жана сот процессин жөнгө салуучу мыйзамдар андан ары талдоону жана өркүндөтүүнү талап кылат.

### 2.2 Соттордун уюштуруу түзүмү

Кыргызстанда соттордун учурдагы уюштуруу түзүмүнүн оң элементтеринин бири болуп анын үч звенолуулугу саналат. Сот тутуму райондук, облустук жана аларга теңдештирилген соттордон, ошондой эле өзүнчө сот инстанцияларын билдирген Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунан турат. Соттордун юрисдикциясынын түзүмү жакшы уюштурулган жана кандайдыр бир олуттуу функционалдык оорчулуктар же кайталоолор жок.

Бирок Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун (мындан ары - Жогорку сот), Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин (мындан ары - Судьялар кеңеши), Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин (мындан ары - Сот департаменти), Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Судьялардын окуу борборунун (мындан ары - Окуу борбору), ошондой эле түрдүү инстанциядагы соттордун төрагаларынын ортосундагы мамилелер анча так аныкталган эмес.

Мисалы, жергиликтүү сотторду материалдык-техникалык жактан камсыздоочу орган катары Сот департаментинин, ошондой эле судьялардын квалификациясын жогорулатууга жана окутууга жоопту орган катары Окуу борборунун да функционалдык мамилелеринин натыйжасыздыгы жана кош отчеттуулугу байкалат. Бул эки орган тең Жогорку сотко да, Судьялар кеңешине да отчет берет. Мындай горизонталдуу отчеттуулук бул органдардын функционалдык милдеттеринин аткарышынын натыйжалуулугуна таасирин тийгизбей койбойт.

### 2.3 Сот тутумунун каржыланышы

Сот бийлигинин бюджетин түзүү жана аткаруу процесси мыйзамда белгиленген тартипке ылайык келбейт жана ал толугу менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин (мындан ары - Финансы министрлиги) контролунда турат, ал өз кезегинде, бюджеттик тутумдун долбоорун түзүүдө колдонуудагы мыйзамдарды бузууда. Атап айтканда, сот тутумунун бюджети

каржылоону өз убагында ачуу же сот тутумун каржылоого (секвестеризациялоо) мыйзамда каралган бюджеттик каражаттарды кыскартуу бөлүгүндө Финансы министрлигине жараша болот.

Сот тутумун соттук өз алдынча башкаруу органынын атынан чыккан Судьялар кеңеши аткаруу бийлиги тарабынан бюджеттин түзүлүшүн жана аткарылышын контролдоодон четтетилген. Сот тутумунун реалдуу көз карандысыздыгын камсыздоо үчүн сот тутумун каржылоого бюджеттик каражаттардын көлөмү бюджеттин чыгаша бөлүгүнөн пайыздык үлүштө мыйзам менен аныкталган эмес.

Чындыгында сот тутумун каржылоо финансылык көз карандысыздыкты камсыздоо үчүн "каржылоонун жетиштүүлүгү" принцибине ээ эмес.

Алсак, акыркы беш жылда (2008-2012-жылдары) республикалык бюджеттин өлчөмү жыл сайын орточо 25,6%га өсүү менен 145,1%га жогоруласа, ушул эле мезгилдин ичинде сот тутумун каржылоо бирдей болбой, жыйынтыгында болгону 11,6%га гана жогорулаган. Мында республикалык бюджеттин түзүмүндө сот тутумунун бюджетинин үлүшү 2008-2012-жылдары 2 эседен ашык кыскартылган (1-таблицаны жана 1-диаграмманы караңыз).

**1-таблица. Сот тутумунун бюджетинин республикалык бюджетке болгон катышы**

| Аталышы | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2012-жылы 2008-жылга карата өсүүсү, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Сот тутумунун бюджети (млн.) | 355,2 | 428,7 | 422,5 | 480,7 | 396,4 | 11,6% |
| Өсүш, % | | 20,7% | -1,4% | 13,8% | -17,5% | |
| Бардыгы Республикалык бюджет (млн.) | 36 944,0 | 50 034,3 | 61 583,2 | 82 393,8 | 90 548,1 | 145,1% |
| Өсүш, % | | 35,4% | 23,1% | 33,8% | 9,9% | |
| Катышы % | 0,96% | 0,86% | 0,69% | 0,56% | 0,42% | |

*1-диаграмма. Республикалык бюджетте сот тутумунун бюджетинин үлүшү*

Эгерде бюджетти мамлекеттик бийликтин үч бутагынын ортосунда иш жүзүндө бөлүштүрүү менен салыштырсак, анда сот тутумунун бюджети башка бийлик бутактарына салыштырмалуу эң төмөн болуп саналат.

2011-жылы Жогорку соттун Аппаратынын бир мамлекеттик кызматчысына бир айга орточо 35038 сом бөлүнгөн. Бул - мамлекеттик бийлик органдарынын мамлекеттик кызматчыларына бөлүнүүчү эң төмөнкү сумма.

Салыштыруу үчүн, сот тутумуна караганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын (мындан ары - Өкмөттүн Аппараты) бир мамлекеттик кызматчысына 2,8 эсеге көп, ал эми Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын (мындан ары - Жогорку Кеңештин Аппараты) бир мамлекеттик кызматчысына 2,9 эсеге көп бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (мындан ары - Өкмөт) Судьялар кеңеши тарабынан каршы пикирлерди эске албастан жана Судьялар кеңешинин жана анын Бюджеттик комиссиясынын макулдугусуз өзүнүн ыктыяры боюнча сот тутумунун бюджетин азайта алат, аны менен колдонуудагы мыйзамдарды, атап айтканда, "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 37-беренесин жана "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2, 9, 29 жана 40-беренелерин бузууда (2 жана 2.1-диаграммаларды караңыз).

*2 жана 2.1-диаграммалар. 2011-жылга бийлик бутактары боюнча бюджетти бөлүштүрүү түзүмү*

Өкмөт, атап айтканда Финансы министрлиги тарабынан Судьялар кеңешине республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө эч кандай документ түшпөйт. Андан дагы, бир жылдын ичинде

бирдей эмес каржыланат, учурдагы кварталда пайдаланылбай калган акчалар бир кварталдан экинчи кварталга которулбайт. Түрдүү булактардан алынган сот тутумунун бюджетинин негизги цифралары боюнча маалыматтар бирдей эмес. Маалыматтарды берүүдө ведомстволордун ортосунда макулдашуучулук жок.

### 2.4. Судьяларга жана соттордун аппарат кызматкерлерине жүктөлгөн оорчулуктар

Судьяларга жана соттордун аппарат кызматкерлерине жүктөлгөн оорчулуктар көбөйүүдө. Оорчулуктардын көбөйүшүнүн айынан сот адилеттигин жүргүзүүнүн сапаты начарлап, анын натыйжасында судьялардын кадыр-баркы кетүүдө. (2,3-диаграммаларды, 2,3,4-таблицаларды караңыз).

**2-таблица. 2009-2011-жы лдары Кыргыз Республикасынын бардык сотторуна иштердин келип түшүүсү**

| Жыл | Жазык иштери | Жарандык иштер | Административдик укук бузуулар | Административдик иштер | Экономикалык иштер | Сот материалдары | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2009 | 24363 | 55719 | 37037 | 5069 | 7407 | 24848 | 154443 |
| 2010 | 21849 | 54179 | 34066 | 5339 | 6303 | 26275 | 148011 |
| 2011 | 23785 | 65902 | 34155 | 6337 | 7791 | 43156 | 181126 |
| Жыйынтыгы | 69997 | 175800 | 105258 | 16745 | 21501 | 94279 | 483580 |

Биринчи инстанциядагы соттордо иштерди карoo үчүн экинчи жана жогорку инстанциядагы сотторго караганда иш жүзүндө көбүрөөк убакыт талап кылынат.

*3-диаграмма. 2009-2011-жылдары бардык инстанциядагы сотторго иштердин келип түшүүсүнүн динамикасы*

**3-таблица. Сот инстанцияларына келип түшкөн жана каралган иштерди салыштыруу**

| Жыл | 1-инстанциядагы соттор | | %% | 2-инстанциядагы соттор | | %% | Жогорку сот | | %% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Иштердин келип түшүүсү | Иштерди карoo | | Иштердин келип түшүүсү | Иштерди карoo | | Иштердин келип түшүүсү | Иштерди карoo | |
| 2009 | 138045 | 130455 | 94,5 % | 11968 | 9074 | 75,8 % | 4430 | 3651 | 82,4 % |
| 2010 | 131641 | 124000 | 94,2 % | 11843 | 10057 | 84,9 % | 4527 | 3757 | 83,0 % |
| 2011 | 163201 | 145321 | 89,0 % | 12897 | 10838 | 84,0 % | 5028 | 4115 | 81,8 % |
| Жыйынтыгы | 432887 | 399776 | 92,4 % | 36708 | 29969 | 81,6 % | 13985 | 11523 | 82,4 % |

**4-таблица. Бардык сот инстанцияларына келип түшкөн жана алар тарабынан каралган иштердин жалпы саны**

| Жыл | Бардык инстанциядагы сотторго иштердин келип түшүүсү | Бардык инстанциядагы соттордо иштерди кароо | %% |
|---|---|---|---|
| 2009 | 154443 | 143180 | 92,7% |
| 2010 | 148011 | 137814 | 93,1% |
| 2011 | 181126 | 160274 | 88,5% |
| Жыйынтыгы | 483580 | 441268 | 91,3% |

Штаттагы судьялардын саны республиканын түрдүү региондорунда каралып жаткан иштердин санына ылайык келбейт. Сот иштерин жана материалдарды бөлүштүрүү механизминде кемчиликтер байкалууда. Судьяларга өтө көбүрөөк жүктөлгөн оорчулук өлкөнүн соттук талаш-тартыштар көп болгон экономикалык жактан кыйла өнүккөн региондорунда байкалат.

**2011-жылы жергиликтүү соттор тарабынан каралган иштер боюнча жүктөмдөрдү талдоо (облустук, райондук жана аларга теңдештирилген соттор)**

| № | Соттордун аталышы | Саны | | | Орточо иш жүктөмү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Соттор | Судьялар | Иштер | |
| | **Райондук жана аларга теңдештирилген соттор** | | | | |
| 1 | Бишкек ш. | 5 | 66 | 47054 | 59,4 |
| 2 | Чүй облусу | 10 | 55 | 39823 | 60,3 |
| 3 | Ош облусу | 9 | 42 | 22265 | 44,2 |
| 4 | Жалал-Абад облусу | 13 | 40 | 17277 | 35,9 |
| 5 | Ысык-Көл облусу | 8 | 25 | 15671 | 52,2 |
| 6 | Нарын облусу | 7 | 15 | 4654 | 25,8 |
| 7 | Талас облусу | 6 | 14 | 5658 | 33,6 |
| 8 | Баткен облусу | 6 | 15 | 6218 | 34,5 |
| Орточо иш жүктөмү | | | | | 43,2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Облустук жана аларга теңдештирилген соттор** | | | | |
| 1 | Бишкек шаардык соту | | 27 | 4174 | 12,9 |
| 2 | Чүй облустук соту | | 17 | 1681 | 8,2 |
| 3 | Ош облустук соту | | 15 | 1912 | 10,6 |
| 4 | Жалал-Абад облустук соту | | 13 | 1092 | 7,2 |
| 5 | Ысык-Көл облустук соту | | 12 | 902 | 6,2 |
| 6 | Нарын облустук соту | | 10 | 276 | 2,3 |
| 7 | Талас облустук соту | | 10 | 342 | 2,8 |
| 8 | Баткен облустук соту | | 10 | 405 | 3,4 |
| 9 | КРнын Аскер соту | | 7 | 88 | 1.4 |
| Орточо иш жүктөмү | | | | | 6,7 |

Эскертүү: 1-инстанциядагы бир судьяга орточо иш жүктөмү - 43,2 иш.

2-инстанциядагы бир судьяга орточо иш жүктөмү - 6,7 иш.

### 2.5. Сот тутумунун инфратүзүмү жана техникалык жактан жабдылышы

**Соттордун имараттары**

Мамлекеттик бийликтин сот бутагы (72 сот жана Сот департаментинин 8 башкармалыгы) жалпы аянты 36721,43 кв.м болгон 69 имаратта жайгаштырылган, анын ичинен 14 сот жана Сот департаментинин 6 башкармалыгы 9 имаратта жайгашкан. Жалпысынан, жергиликтүү соттордун 90%ы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 5-августундагы № 492 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун кызматтык жайлары үчүн ченемдерге ылайык келбейт.

Бардык соттор атайын сот мекемелери үчүн арналбаган имараттарда жайгаштырылган. Имараттар эки катар кыштан коюлган дубалдары жана жыгач полу бар негизинен 2 жана 3 кабаттуу курулуштар. Айрымдарында эле болбосо, негизинен каржылоонун жоктугунан косметикалык оңдоо да жүргүзүлгөн эмес. Талас райондор аралык соту пайдалуу аянты 110 кв. м болгон, 1913-жылы курулган эң эски имаратта жайгашкан. Сокулук райондук соту пайдалуу аянты 565 кв. м болгон, 2003-жылы курулган эң жаңы имаратта иштейт.

Жетиштүү коммуналдык жактан ыңгайы бар (борбордук жылытуу, суу менен камсыз болуу) имараттардын саны болгону 20,3%. Калган имараттардын жетиштүү коммуналдык ыңгайлуулугу жок. Соттордун имараттары сот адилеттигин жүргүзүү үчүн зарыл болгон талаптарга ылайык келбейт. Соттордун имараттарынын 90%ы заманбап инфратүзүмдү түзүү менен жаңылоону талап кылгандыгына карабастан, Сот департаментинин 2012-жылга бюджетинин долбоорунда капиталдык салымдарга талап кылынган 65,7 миллион сомдон иш жүзүндө 23,6 млн. сом (же 36%) өлчөмүндөгү сумма гана бекитилген.

**Офистик жабдуу, эмерек жана чыгымдалуучу материалдар**

Соттордо материалдык-техникалык ресурстар менен жетиштүү камсыздалбагандыгы, компьютердик техниканын жана соттордун ортосундагы маалыматтык тармактын зарыл санда болбогондугу, техника жана эмеректердин жетишсиздиги менен байланышкан айрым бир көйгөйлөр бар. Бул Кыргыз Республикасынын сотторунун ишинин натыйжалуулугуна олуттуу таасирин тийгизет.

**Транспорт**

Жергиликтүү соттордун ишин камсыздоо үчүн саны 82 бирдикти түзгөн автомашиналардын жана 54 бирдик нөөмөт автомашиналарынын лимити каралган.(2)

Бирок каралган лимиттен азыркы убакта 62 бирдик автомашина гана пайдаланылууда. 23 сот органында 5 жылдан ашык убакыттан бери кызматтык автомашина жок. Колдо болгон бардык автомашиналардын ичинен 20 бирдиги оңдоого жатпайт. Лимитте каралган 54 бирдиктин ичинен бир дагы нөөмөт автомашинасы жок.

**Программалык камсыздоо**

Маалыматтык технологиялар кылымында соттордун ишинин натыйжалуулугуна маалыматтык камсыздоонун жеткиликсиздиги көбүнесе таасирин тийгизет. Судьялардын басымдуу көпчүлүгү кагаз жүзүндөгү маалымдама материалдарды колдонот; өздөрүнүн иши үчүн зарыл болгон маалыматты дайыма эмес, ар түрдүү булактардан алышат, мисалы, адистештирилген жазылма басылмалар түрүндө.

Ошентип, судьялар зарыл маалыматтарга, мыйзамдардагы өзгөрүүлөр жана жогору турган сотторду кошо алганда башка соттордун учурдагы тажрыйбасы тууралуу маалыматтарга дайыма эле жете беришпейт.

Баа берүү үчүн Кыргызстанда эл аралык өнүктүрүү боюнча АКШ Агенттиги (мындан ары - USAID/Kyrgyzstan) тарабынан тартылган консультанттар даярдаган Соттук маалыматтар жана башкаруу тутумун баалоо боюнча 2013-жылдын 9-майындагы Жыйынтыктоочу отчетко ылайык Кыргызстанда Өнүктүрүү укугу боюнча эл аралык уюмдун (мындан ары - IDLO) кызматкерлеринин

катышуусунда электрондук сот өндүрүшүн өнүктүрүү маселелерине тиешелүү бөлүгүндө сот бийлиги органдарынын ишин кайра уюштуруунун өтө зарылдыгы бышып жетилди.

Сот процесстеринин ачык-айкындуулугун бекемдөөгө жана соттордо иш кагаздарын жүргүзүүнү оптималдаштырууга багытталган Соттук маалыматтар жана башкаруу тутуму (мындан ары - СМБТ) 2002-2010-жылдардын аралыгында түзүлүп, Кыргыз Республикасынын бир катар сотторунда ишке киргизилген.

Соттук маалыматтар жана башкаруу тутумунун биринчи версиясы (СМБТ I) 2002-жылы Дүйнөлүк банктын сынамык долбоорунун алкагында иштелип чыккан жана 2004-жылдын аягына чейин беш сот органында белгиленген (Жогорку сот, Бишкек шаардык соту, Бишкек шаарындагы райондор аралык соту, Бишкек шаарынын Биринчи май жана Октябрь райондук соттору). Мында соттук чечимдерди жарыялоолорго, статистикалык отчеттуулукту топтоону жана иштеп чыгууну жакшыртууга, ошондой эле иш процесстеринин натыйжалуулугун жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулган.

Соттук маалыматтар жана башкаруу тутумунун экинчи версиясы (СМБТ II) 2009-2010-жылдарда "Миң жылдыктын чакырыгы" Эсептердин Чектик программасынын келишиминин алкагында түзүлгөн, ал СМБТны программалык камсыздоону жаңылоого, Сот департаментинин 23 сотуна жана офистерине (Ош жана Чүй облустарынын, Бишкек шаарынын соттору) СМБТнын ишин кеңейтүү үчүн кошумча компьютердик жабдууларды сатып алууга каржылоону берген.

СМБТнын ушул версиясы өзүнө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү камтыйт: электрондук сот өндүрүшүндө кыргыз тилин колдонуу, судьялардын ортосунда иштерди автоматтык (атайылап эмес) түрдө бөлүштүрүү, электрондук байланыш аркылуу статистикалык отчеттуулукту топтоо, жакындап келе жаткан процесстик мөөнөттөр жөнүндө эскертүү тутумунун болушу.

Ошентип, 2010-жылдын аягында Соттук маалыматтар жана башкаруу тутуму Кыргыз Республикасынын 28 сотунда орнотулган жана тесттен өткөрүлгөн. СМБТны ишке киргизүүдөгү негизги план ал соттордун ишин жакшыртат, алардын ачык-айкындуулугун бекемдейт, коррупциянын деңгээлин азайтат жана сот тутумун жана жалпысынан сот адилеттигин коомдук колдоону көбөйтөт дегенди билдирет.

Ошону менен катар Кыргызстанда эл аралык өркүндөтүү боюнча АКШ агенттиги тарабынан тартылган консультанттардын Жыйынтыктоочу отчетту даярдоо мезгилинде Соттук маалыматтар жана башкаруу тутуму Кыргыз Республикасынын сот тутуму тарабынан дээрлик пайдаланылбай жана ишке жөндөмсүз болуп калган.

Консультанттардын пикири боюнча соттордун ишине СМБТны киргизүүнүн ийгиликсиздигинин негизги себептери - бир жагынан, мамлекеттик бийликтин сот бутагынын да, судьялардын өздөрүнүн да иштерди башкаруунун татаал электрондук тутумун киргизүүгө даяр эместиги жана жөндөмсүздүгү болсо, экинчи жагынан СМБТ судьялардын жана сот аппараттарынын кызматкерлеринин ишин жөнөкөйлөткөндүн ордуна, алар үчүн баалуу мотивация болбогон кошумча оор жүктү жүктөп салган, үчүнчү жагынан - СМБТ иштеп чыгуучуга- "Арашан" компаниясына толугу менен көз каранды болуп калган.

2013-жылдын 27-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын буйругу менен Соттук маалыматтар жана башкаруу тутумунун иши токтотула турган.

2013-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан Кыргызстанда сот тутумун чыңдоо боюнча программасынын АКШнын Кыргызстандагы эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин (USAID/Kyrgyzstan) жана Өнүктүрүү укугу боюнча эл аралык уюмдун (IDLO) көмөктөшүүсүндө эки долбоор ишке киргизилген: сот тутумунун мурдагы порталына окшош жана анын түзүмү боюнча иштелип чыккан КР Жогорку сотунун www.jogorku.sot.kg сайты жана иштерди, актыларды жарыялоо жана сот жыйындарын каттоо үчүн иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана жергиликтүү соттордун www.sot.kg Интернет-ресурсу.

---

(2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 14-декабрындагы № 591 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, укук коргоо органдарында жана жергиликтүү сотторунда кызматтык жеңил, атайын жана нөөмөт автомашиналарды пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтому.

**2.6. Кадрдык потенциал**

Республиканын сот тутуму, анын ичинде Сот департаменти кесипкөй кадрларды тартууда жана аларды кармап турууда көп кыйынчылыктарга туш болууда.

70%дан ашуун кызматкердин бул жааттагы иш стажы 5 жылдан ашпайт, алар сот ишин кандайдыр бир "которуп жөнөтүү пункту" сыяктуу көрүшөт жана биринчи эле мүмкүнчүлүк болгон учурда эмгек акысы жогору төлөнүүчү ишке кетүүгө даяр турушат.

Кызматкерлерди эмгек акынын төмөндүгү, иштин көптүгү жана өз функциясын ишке ашырууда тарта турган жоопкерчилик канааттандырбайт. Мындай кырдаалда кызматкер өзүн толугу менен көрсөтө албайт, өзүнүн көндүмдөрүн жана иш билгилигин жүзөгө ашыра албайт.

Иш милдети көп болуп, кызматкерлердин арасында дем берүү болбой, материалдык сыйлоонун шайкеш эместиги көрүнүп эле турат. Сот тутумунун кызматкерлеринин арасында кадрлардын келип-кетүү агымынын жогору экендиги байкалууда. Жыйынтыгында соттордун администрациясы жаңы кызматкерлерди окутуу үчүн белгилүү бир убакыт коротуп, алардын каталарын оңдойт, натыйжада учурдагы сот тутумунда өтө зарыл болгон башкаруунун натыйжалуулугу, сапаты жана ишенимдүүлүгү начарлайт.

Судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин ишинин көз карандысыздыгы, натыйжалуулугу жана ролу алардын эмгек акысы мыйзам менен кепилдикке алынышы, кесибинин макамына жана жоопкерчилигинин оордугуна ылайык келиши керектигин караштырат.

Демек, судьялардын ишинин көз карандысыздыгына жана алардын чечим чыгарууга таасирин тийгизүүчү "кысымдан" корголушуна жана кыйла жалпы планда - пара алуу азгырыгынан корголушуна кепилдик берүү үчүн эмгек акынын жана эмгек шарттарынын шайкеш өлчөмү зарыл.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөндө аталган токтомдоруна ылайык 2013-жылы Кыргыз Республикасынын судьяларынын, Жогорку соттун аппаратынын, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын аппаратынын, жергиликтүү соттордун аппаратынын, Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүнүштөрүнүн кызматкерлеринин эмгек акылары көбөйтүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-июнундагы № 384 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-октябрындагы № 560 "Кыргыз Республикасынын судьяларына, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын аппаратынын мамлекеттик кызматчыларына эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 10-октябрындагы № 543 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы № 22 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө" токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому.

"Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык судьялар кол тийбестик укугуна ээ, сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишке ар кандай кийлигишүүсүнө тыюу салынат, судьянын ишине кийлигишүү үчүн жазык жана административдик жоопкерчилик каралган; сот тутумунда кызмат орундарынын иерархиясына карабастан бирдей статус белгиленген.

Бирок иш жүзүндө судьяларды, соттордун аппараттарынын кызматкерлерин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн коргоо тутуму жок, бул сот жыйындарында калыс чечим кабыл алууда же өздөрүнүн башка функцияларын аткарууда аларды алсыз кылып коет.

Судьяларды тандоо жол-жобосу саясатташкан, бул судьялардын өзүнчө бир саясий күчтөргө жана кызыкчылыктарга көз карандылыгына алып келет.

Судьялардын сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишине баа берүүнүн учурдагы тутуму калыс эмес.

Ошону менен бирге судьялардын, соттордун аппараттарынын кызматкерлеринин, Сот департаментинин кызматкерлеринин жана сот аткаруучуларынын квалификациясын системдүү түрдө, дайыма жогорулатуу зарыл.

**2.7. Документ жүгүртүү**

Сотко келип түшкөн кат-кабарлардын көлөмүнүн көптүгүнө байланыштуу канцелярияларга (документтик камсыздоо боюнча бөлүмдөргө) иштин ашкере жүктөлгөндүгү байкалат. Бардык каттарга жоопторду иштеп чыгуу жана даярдоо боюнча учурдагы иш жүктөмү документтердин натыйжалуулугуна жана сапатына таасирин тийгизет.

Электрондук документ жүгүртүү каттарды кароого кеткен убакытты азайтууну талап кылат. Бирок кат-кабарлардын өтө көп болушу, соттордун аппараттарынын көпчүлүк кызматкерлеринин персоналдык компьютерлерде жакшы иштей билбегендиги, электрондук программалык камсыздоону пайдаланбоо каттарды иштеп чыгуу процессин создуктурууга алып келет.

Көптөгөн соттор Интернет, корпоративдик тарам, электрондук почта менен камсыздалган эмес. Кызматтык максатта кат алышуу үчүн соттордун аппарат кызматкерлери өздөрүнүн жеке электрондук даректерин колдонушат, бул маалыматтык коопсуздукту камсыздоого терс таасирин тийгизет.

Электрондук документ жүгүртүү жана техникалык коштоо боюнча жаңы нускамаларды иштеп чыгуу зарылдыгы бар.

**2.8. Судьялар кеңеши**

Судьялар кеңеши соттук өз алдынча башкаруунун шайлануучу органы болуп саналат, ал Судьялардын курултайларынын аралыгындагы мезгилде, б.а. үч жыл бою үзгүлтүксүз негизде иштейт.

Судьялар кеңеши соттук өз алдынча башкаруунун жогорку органы - Судьялардын курултайынын саясатын жүргүзөт жана жалпы милдетин аткарат, ошондой эле сот тутумунун бюджетин түзөт жана анын аткарылышын контролдойт, судьяларды окутууну жана квалификациясын жогорулатууну уюштурат, судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндөгү маселелерди карайт ж.б.

Азыркы учурда Судьялар кеңеши иш жүзүндө иштеп жаткан 14 судьядан турат, анын ичинде: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 3 судьясы; жергиликтүү соттордун 9 өкүлү, жергиликтүү соттун төрагасынын 1 орун басары жана жергиликтүү соттун 1 судьясы.

Судьялар кеңешинде гендердик курам сакталган: иштеп жаткан 14 судьянын ичинен - 10у эркек жана 4ү аял.

Судьялар кеңешинде Кыргыз Республикасынын бардык региондорунан: Бишкек шаарынын, Чүй, Ош, Талас, Нарын, Жалал-Абад, Ысык-Көл облустук сотторунун судьялары иштеп жаткандыгы да жакшы жагдай болуп саналат.

Ишинин негизги формасы болуп жыйындар саналат, анда Судьялар кеңешинин карамагына кирген маселелер чечилет.

Судьялар кеңешинин курамында Кеңештин ишинин негизги багыттары боюнча жумушчу комиссиялар дайыма иштейт:

1) курамы 5 судьядан турган Бюджеттик комиссия, ал соттордун бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын контролдоо боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

2) курамы 5 судьядан турган Тартиптик комиссия, ал судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу маселелери жана судьяларга квалификациялык класстарды ыйгаруу жөнүндө материалдарды даярдоо боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

3) курамы 4 судьядан турган Эксперттик-окуу комиссиясы, ал мыйзамдардын долбоорлорун, соттордун жана судьялардын иштерине тиешелүү болгон башка ченемдик жана ченемдик эмес актыларды коомдук экспертизадан өткөрүү, ошондой эле судьяларды, сот аппараттарынын, Сот департаментинин кызматкерлеринин жана жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат.

Судьялар кеңешинин ишин материалдык-техникалык жактан камсыздоого республикалык бюджеттен өзүнчө сап менен акча каражаттары бөлүнбөйт. Судьялар кеңешинин ишинин бардык көйгөйлөрү эң оболу, материалдык-техникалык жактан камсыз болууга жана каржылоонун жетишсиздигине, ошондой эле Судьялар кеңешинин аппаратынын жоктугуна, бюджетти түзүү жана анын аткарылышын контролдоо маселелери ушул жаатта атайын билимди талап кылгандыктан финансылык аналитиктин жоктугуна келип такалаарын белгилей кетүү керек.

Судьялар кеңешинин өзүнүн штаттык кызматкерлери жок болгондуктан, Судьялар кеңешинин уюштуруу ишин Сот департаментинин кызматкерлери камсыздайт.

Судьялардын негизги иштеген орду боюнча (сот адилеттигин жүргүзүү боюнча соттордо) аларга жүктөлгөн иштин дайыма милдеттүү түрдө көбөйүп тургандыгын эске алганда, Судьялар кеңешинин мүчөлөрү комиссиялардагы иштер боюнча Судьялар кеңешинде коомдук ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн бир топ убактыларын кетиришет. Бирок, жогоруда белгиленгендей Судьялар кеңешинин курамында иштегендиги үчүн кошумча акы же кандайдыр бир башка бонустар каралган эмес.

**2.9. Судьялардын окуу борбору**

Судьялардын окуу борбору республиканын судьяларынын, соттордун жана Сот департаментинин аппараттарынын мамлекеттик кызматчыларынын квалификациясын жогорулатууну, пландаштырууну, уюштуруу жагынан камсыздоону, өлкөнүн жергиликтүү сотторунун кызмат ордуна талапкерлерди окутууну ишке ашырууга багытталган.

Судьялардын кесипкөйлүгүн жогорулатуу сот реформасын ийгиликтүү жүргүзүүнүн маанилүү шарты болуп саналат. Ошондуктан сот тутуму мыйзамдардагы өзгөрүүлөргө, экономикалык жана саясий өзгөрүүлөргө ыкчам түрдө жооп кылып, судьяларды пландуу даярдашы керек.

Судьялардын окуу борборуна жаңы имарат бөлүп берүүдөн баш тартылган, азыр ээлеп турган имараттын жайларын капиталдык оңдоо зарылдыгы өтө курч турат. Борбор түзүлгөндөн тартып анын жайларын оңдоого республикалык бюджеттен каражаттар бөлүнгөн эмес.

Тиешелүү материалдык-техникалык базасыз жана баарынан мурда Окуу борборунун эл аралык стандарттарга жооп берген адистештирилген имараты болбосо судьялык корпустун кадрдык потенциалын жогорулатуу боюнча Окуу борборунун алдына коюлган максатына жана милдеттерине жетүүсү оор болот.

**2.10. Кыргыз Республикасынын сот тутумуна функциялык талдоо жүргүзүү**

2012-жылдын май-июлунда өткөрүлгөн сот тутумуна функциялык талдоо жүргүзүүнүн негизинде анын күчтүү жана алсыз жактары аныкталып, аны өнүктүрүү жана нормалдуу иштетүү боюнча мүмкүнчүлүктөр, ошондой эле ушуга тоскоолдук болгон коркунучтар (тобокелдиктер) каралган:

| Күчтүү жактары | Алсыз жактары |
|---|---|
| 1. Жогорку соттон, Конституциялык палатадан жана жергиликтүү соттордон турган Кыргызстандын сот тутумун жөнгө салуучу мыйзамдык базанын болушу.<br>2. Сот өндүрүшүн жөнгө салуучу мыйзамдык базанын болушу (процесстик мыйзамдар).<br>3. Сот түзүлүшү тутумунун болушу жана иштеши.<br>4. Конституциялык контролдоону ишке ашыруучу Жогорку соттун Конституциялык палатасынын болушу. | 1. Бийликтин сот бутагынын ишинин маселелери боюнча бийликтин сот бутагынын мыйзам чыгарууга демилге көтөрүү укугу жок.<br>2. Сот өндүрүшү калыс, ачык жана адилеттүү сотко карата укукту камсыздоонун башкы милдетин толук көлөмдө чечпейт. |
| 5. Судьялардан жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн түзүлүүчү, судьялардын кызмат орундарына талапкерлерди тандоо маселелери менен иштеген өзүнчө, көз карандысыз орган | 3. Судьяларды тандоо жол-жобосу саясатташкан жана судьялардын айрым саясий күчтөргө көз каранды болушуна алып келет.<br>4. Судьяларды тандоодо жана дайындоодо |

| | |
|---|---|
| катары Судьяларды тандоо боюнча кеңеш иштейт. | саясий партиялардын таасири бар.<br>5. Судьяларды тандоо боюнча кеңеш 1/3 бөлүгүндө гана судьялык коомчулуктун өкүлдөрүнөн турат, эл аралык ченемдер боюнча алар жарымдан аз болбоого тийиш.<br>6. Судьяларды тандоо боюнча кеңешти түзүүнүн ачык-айкын жол-жоболорунун жоктугу. |
| 6. Судьялардын көз карандысыздыгы жана алардын Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийүүсү жарыяланган.<br>7. Мыйзамга ылайык судья кол тийбестик укугуна ээ жана кармалууга же камакка алынууга, тинтилүүгө же жеке текшерилүүгө кабылууга тийиш эмес.<br>8. Мыйзамга ылайык сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишке ар кандай кийлигишүүгө тыюу салынат, судьянын ишине кийлигишүүсү үчүн жазык жана административдик жоопкерчилик каралган.<br>9. Кызмат орундарынын иерархиясына карабастан судьялардын бирдей статусу белгиленген.<br>10. Судьяларды алардын статусуна ылайык көз карандысыздыгын социалдык, материалдык жана башка кепилдиктер менен камсыздоо зарылдыгы мыйзам менен бекитилген. | 7. Сот тутуму бийликтин башка бутактарына көз каранды бойдон калууда.<br>8. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана жоопкерчилик жөнүндө жазык мыйзамынын сот адилеттигин жүргүзүү боюнча судьялардын ишине кийлигишүү үчүн ченеми декларативдүү мүнөзгө ээ.<br>9. Сот адилеттигин жүргүзүүнүн сапаты жана маданияты төмөн бойдон калууда.<br>10. Айрым судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясы жана компетенциясы жетишсиз деңгээлде.<br>11. Сот процессинде тараптардын атаандаштык механизми натыйжасыз иштейт.<br>12. Судьялардын кадыр-баркы жана коомдун судьяларга ишеними кетүүдө.<br>13. Судьяларды, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн жана сот тутумунун кызматкерлерин коргоо тутуму жок.<br>14. Судьялардын негизсиз айып коюулардан корголбогондугу, анын натыйжасында бийликтин сот бутагынын кадыр-баркы кетүүдө. |
| 11. Судьялардын тартип жоопкерчилигин жөнгө салуучу мыйзамдык базанын болушу.<br>12. Судьялардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдеринин болушу (судьялардын ант берүүсү, абийир кодекси).<br>13. Судьялардын өзүнүн мүлкүн жана кирешелерин декларациялоо милдети мыйзам менен бекитилген. | 15. Сот тутумун компетенттүү эмес судьялардан жана жүрүм-турумунда кемчилиги бар судьялардан өзүн-өзү тазалоо механизми жетиштүү түрдө натыйжалуу колдонулбайт.<br>16. Сот адилеттигин жүргүзүү боюнча судьялардын ишине баа берүүнүн учурдагы тутумунда калыстык жок.<br>17. Соттордун жана судьялардын ишине баа берүүнүн тышкы жана ички тутумунун жоктугу.<br>18. Сот тутумунун кызматкерлеринин ишине баа берүү тутуму жок. |
| 14. Кесипкөй судьялар корпусунун болушу.<br>15. Соттук өз алдынча башкаруу органдары (Судьялардын курултайы, Судьялар кеңеши, Судьялардын чогулушу) иштейт.<br>16. Республиканын бардык сотторунун төрагаларынын жана алардын орун басарларынын (алар болгон учурда) тиешелүү соттордун судьяларынын курамынан 3 жылдык мөөнөткө судьялардын чогулушу менен шайлануучулугу. | 19. Сот тутумунда стратегиялык пландоонун жоктугу.<br>20. Учурдагы кырдаалга талдоо жүргүзүү, стратегиялык пландоо жана натыйжалуу башкаруу үчүн өтө зарыл болгон улантуучулук жана маалыматтарды сактоо принциби иштебейт.<br>21. Соттук өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалы начар.<br>22. Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнүн иши |

| | |
|---|---|
| 17. Соттордун төрагаларынын жана алардын орун басарларынын алмашуучулугу.<br>18. Судьяларды ротациялоо тутумунун болушу.<br>19. Судьялардын кесиптик ассоциациясынын болушу. | коомдук башталышта ишке ашырылат.<br>23. Судьялардын ассоциациясынын потенциалы начар. |
| 20. Сотторду түзүү, кайра уюштуруу, жоюу, ошондой эле жергиликтүү соттордун штаттык санын өзгөртүү Мыйзамдын негизинде ишке ашырылат.<br>21. Соттук инфратүзүмдүн болушу.<br>22. Соттордун аппараттарынын болушу.<br>23. Судьялардын жардамчыларынын институту киргизилген. | 24. Соттордун тутумунун учурдагы административдик-аймактык түзүмгө байланышы сотторду бирдей эмес жүктөмгө алып келет жана сот адилеттигине жетүү мүмкүндүгүн чектейт.<br>25. Түрдүү категориядагы иштер боюнча судьялардын адистешүүсүнүн жетишсиздиги.<br>26. Соттордун (судьялардын жана аппарат кызматкерлеринин) ашыра жүктөлгөндүгү.<br>27. Судьялардын жардамчыларынын институтун жана соттордун аппаратын өнүктүрүү стратегиясынын жана программасынын жоктугу. |
| 24. Мыйзамга ылайык мамлекет тарабынан белгилүү бир көлөмдө сотторду иштетүү жана судьялардын иши үчүн каржылоо камсыз кылынат.<br>25. Жергиликтүү сотторду материалдык-техникалык жактан камсыздоону жана сот актыларын аткарууну ишке ашырган Сот департаментинин болушу.<br>26. Бийликтин сот бутагы тарабынан сот тутумунун бюджетинин өз алдынча түзүлүшү жарыяланган. | 28. Сот тутумун каржылоо бийликтин көз карандысыз бутагы катары сот тутумунун керектөөсүн толук көлөмдө камсыз кылбайт жана толугу менен бийликтин аткаруу жана мыйзам чыгаруу бутагына көз каранды.<br>29. Сот тутумун мамлекеттик каржылоонун кыскартылышы (жетишсиздиги) сот адилеттигин жүргүзүү сапатына түздөн-түз таасир этет.<br>30. Республикалык бюджетке карата сот тутумунун бюджетинин бир үлүшүн жыл сайын азайтуу.<br>31. Сот тутумунун бюджетин өз алдынча түзүү жана аткаруу жол-жоболору практикада тийиштүү түрдө ишке ашырылбайт.<br>32. Сот тутумунда эмгек акы төлөө, дем берүү жана социалдык коргоо тутумун өркүндөтүүнүн чечилбеген көйгөйлөрү.<br>33. Соттук инфратүзүмдүн жетишсиз өнүккөндүгү (материалдык-техникалык, маалыматтык-программалык жактан камсыздоо ж.б.). |
| 27. Судьянын кызмат ордуна талапкерлердин окутуудан ийгиликтүү өтүүгө милдеттүүлүгү.<br>28. Судьяларды, соттордун аппаратынын жана Сот департаментинин кызматкерлерин, ошондой эле судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди окутуучу Судьялардын окуу борборунун болушу. | 34. Судьялардын окуу борборунун донордук жардамга көз карандылыгы, профессордук-окутуучу курамдын туруктуу штатынын жоктугу, тиешелүү окуу стандарттарынын жана программалардын жоктугу. |
| 29. Судьялардын арасында сот иштерин жана материалдарды автоматтык түрдө бөлүштүрүү боюнча программаларды колдонуу мыйзам менен бекитилген.<br>30. Жарандардын, жеке жана юридикалык жактардын (жынысына, расасына, туткан динине, социалдык макамына ж.б. карабастан | 35. Сот иштерин жана материалдарды бөлүштүрүү механизминин жеткиликсиздиги.<br>36. Судьялар арасында сот иштерин жана материалдарды автоматтык түрдө бөлүштүрүү толук көлөмдө иштебейт.<br>37. Жарандардын материалдарды жана |

| | |
|---|---|
| мамлекеттик алымды алдын ала төлөбөстөн сотко кайрылуу үчүн мүмкүнчүлүк берүү) сот адилеттүүлүгүнө бирдей жетүүсүн мыйзам менен камсыздоо. | архивдерди пайдалануусу толук көлөмдө камсыздалган эмес.<br>38. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын сот адилеттүүлүгүнө жетүүсү чектелген (пандустар, лифттер ж.б.). |
| 31. Сот арачылары институтун киргизүү боюнча мыйзамдык базанын болушу. | 39. Сот арачыларын киргизүү дайыма кийинкиге калтырылат.<br>40. Сот арачылары институтун киргизүү менен байланышкан чыгымдарды каржылоо жана андан ары сот арачыларынын учурдагы ишин камсыздоо үчүн негиздүү эсептелген бюджеттин жоктугу. |
| 32. Эл аралык коомчулуктун Кыргыз Республикасынын сот тутумун таануусу (мүчөлүк, биздин сот актыларыбыздын аткарылышы, кызматташуу, эл аралык конвенциялар, Венециандык комиссия).<br>33. Кыргыз Республикасынын сотторунун чечимдерин чет өлкөлүк соттордун таануу жана аткаруу механизминин болушу. | 41. Талаш-тартыштарды сотко чейин жөнгө салуунун жана жараштыруунун натыйжалуу механизмдеринин жоктугу.<br>42. Сот актыларын аткаруу тутуму натыйжасыз.<br>43. Соттордун чечимдерин аткаруу боюнча сот аткаруучуларынын чыгымдары соттор тарабынан төлөтүлүүчү мамлекеттик алымдын суммасынан көп ирет жогору, ушуга байланыштуу сот аткаруучулары ушул сумманы өзүнүн эсебинен төлөөгө мажбур болгон учурлар бар.<br>44. Экспертиза чөйрөсүндө мамлекеттик монополизм көз карандысыз эксперттик уюмдарды жана алардын тиешелүү чөйрөдө адистешүүсүн өнүктүрүүгө жардам берет. |
| **Мүмкүнчүлүктөр** | **Коркунучтар (тобокелдиктер)** |
| 1. Саясий жана коомдук эрктин, ошондой эле бийлик бутактары менен жарандык коомдун өкүлдөрүнүн ортосунда сот тутумун реформалоонун зарылдыгын түшүнүү.<br>2. Сот тутуму мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири болууда.<br>3. Коомдо сот тутумундагы позитивдүү алмашуулардын жана өзгөрүүлөрдүн болушу күтүлүүдө.<br>4. Өлкөнүн потенциалы сот тутумундагы реформаларга кесиптик жактан көмөктөшүүгө мүмкүндүк берет.<br>5. Укуктун үстөмдүүлүгү жана демократия принциптеринин негизинде сот тутумун өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөрдү колдоонун болушу. | 1. Саясий кырдаалдын туруктуу эместиги.<br>2. Өлкөдө саясий эрктин жана саясий күчтөрдүн терс жакка өзгөрүшү, ушул макулдашылган сунуштарга каршы келген партиялык кызыкчылыктардын же башка топтордун кызыкчылыктарынын үстөмдүк кылуусу.<br>3. Консервативдүү күчтөрдүн сот реформаларына каршылыгынын күчөшү.<br>4. Өлкөдөгү социалдык-экономикалык кризис.<br>5. Коюлган милдеттерди ишке ашырууда жана конкреттүү иш-чараларды аныктоодо кетирилген каталар, иш-аракеттердин жана чечимдердин макулдашылбагандыгы жана тутумдашпагандыгы.<br>6. Сот тутумунда кесипкөй кадрлардын токтобогондугу.<br>7. Региондо тышкы саясий кырдаалдын начарлашы.<br>8. Коррупция. |

## 3. Максаттуу программанын максаттары жана милдеттери

Максаттуу программанын максаттары сот адилеттигин ишке ашыруунун сапатын жогорулатуу жана жарандар менен юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, ошондой эле мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарын соттук коргоону өркүндөтүү болуп саналат.

Аталган максаттарга жетүү үчүн төмөнкү милдеттер чечилүүгө тийиш:

- сот адилеттигинин ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;

- сот адилеттигин ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүү;

- сот бийлигинин көз карандысыздыгын камсыздоо;

- аткаруу өндүрүшүнүн натыйжалуу тутумун куруу, мажбурлап аткаруу тутумунун ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу.

Максаттуу программаны ишке ашыруунун алкагында төмөнкүдөй багыттар боюнча иш-чаралардын комплексин аткаруу каралган:

- сот тутумун маалыматташтыруу жана сот тутумунун ишине заманбап маалыматтык технологияларды киргизүү;

- соттордун имараттарын куруу, кайра конструкциялоо жана сатып алуу;

- соттордун имараттарын техникалык каражаттар жана коопсуздукту камсыздоо тутумдары менен жабдуу, ошондой эле судьяларды соттордун имараттарынан тышкары жерде иштеген коркунучту билдирүүчү мобилдүү белги берүү каражаттары менен камсыздоо;

- сот актыларын аткаруу тутумуна заманбап технологияларды киргизүү;

- судьяларды турак жай менен камсыздоо, соттордун жана Жогорку сотко караштуу Сот департаментинин жана анын аймактык органдарынын аппарат кызматкерлерине турак жай сатып алуу үчүн субсидияларды берүү.

Максаттуу программаны ишке ашыруу 2014-2017-жылдардын аралыгына каралууда.

Программаны ишке ашыруу мөөнөтү сот адилеттигинин ачык-айкындуулугун камсыздоо, ишти кароонун натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу, сот адилеттигин ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүү, сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, судьялардын көз карандысыздыгын камсыздоо, сот чечимдерин аткаруу деңгээлин жогорулатуу ж.б. боюнча коюлган негизги максаттарга жана милдеттерге жетишүү менен байланышкан сезилерлик коомдук маанилүү натыйжаларды алуу үчүн зарыл болуп саналат.

**1-таблица. "2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" Мамлекеттик максаттуу программасынын максаттары жана милдеттери**

| Стратегиялык багыт (Максат) | Чакан максат | Милдет |
|---|---|---|
| 1. Сот тутумунун реалдуу көз карандысыздыгына жетишүү | 1.1. Бийликтин сот бутагынын тышкы таасир этүү факторлоруна карата көз карандылыгын алып салуу | 1.1.1. Сот тутумунун ишин, аны өркүндөтүүнү жөнгө салуучу мыйзам базасына талдоо жүргүзүү. |
| | | 1.1.2. Судьяларды тандоо боюнча кеңешти түзүү жол-жобосун эл аралык принциптерге жана ченемдерге ылайык келтирүү. |
| | | 1.1.3. Соттордун жана судьялардын ишине кийлигишүү же судьяларды тигил же бул сот ишин туура эмес (мыйзамсыз) карагандыгына негизсиз жана далили жок айыптоо үчүн мамлекеттик кызмат адамдарынын жоопкерчилигинин механизмин иштеп чыгуу. |

| | | |
|---|---|---|
| | | 1.1.4. Судьялардын ишине кийлигишүү фактылары жөнүндө кабарлабагандыгы үчүн бийликтин сот бутагынын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин киргизүү. |
| | | 1.1.5. Судьяларды, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн жана соттордун аппарат кызматкерлерин коргоо тутумун камсыздоо. |
| | | 1.1.6. Соттук өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын өнүктүрүү жана чыңдоо. |
| | 1.2. Бийликтин сот бутагын жетиштүү каржылоону камсыздоо | 1.2.1. 2014-жылдан тартып 1%дан 2017-жылга 2%га чейин этап-этабы менен сот тутумун каржылоого бюджеттин чыгымдалуучу бөлүгүнөн эң аз дегенде 2%дык үлүш менен камсыздоо (анын ичинде судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин эмгек акысын көбөйтүү). |
| | | 1.2.2. Сот тутумунун бюджетин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн кызмат адамдарынын административдик же жазык жоопкерчилигин киргизүү. |
| | | 1.2.3. Судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмүн жана шарттарын аныктоодо бийликтин аткаруу бутагынын таасирин болтурбоо. |
| | | 1.2.4. Сот тутумунун бюджетин түзүү процессинде бийликтин аткаруу бутагынын таасирин болтурбоо, контролдук цифраларды белгилөөнү болтурбоо. |
| 2. Сот тутумунун ачык-айкындуулугуна жана отчеттуулугуна жетишүү | 2.1. Сот тутумунун ишинин ачык-айкындуулугуна жетишүү | 2.1.1. Сот тутумун каржылоонун жана бюджеттин аткарылышынын ачык-айкындуулугун камсыздоо. |
| | | 2.1.2. Сот бийлигинин маалыматтык-коммуникациялык саясатын иштеп чыгуу. |
| | 2.2. Жарандардын сот актыларына, материалдарга жана архивдерге жетүүсүн камсыздоо | 2.2.1. Сот актыларына, материалдарга жана архивдерге жетүү механизмин иштеп чыгуу. |
| 3. Соттордун натыйжалуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө жетишүү | 3.1. Сот тутумун жогорку квалификациялуу жана татыктуу кадрлар менен камсыздоо | 3.1.1. Судья болууга талапкерлерге жогорулатылган критерийлерди жана талаптарды белгилөө. |
| | | 3.1.2. Судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин кесиптик (түрдүү категориядагы иштер боюнча адистешүүсүнүн болушун эске алуу менен) жана маданий деңгээлин |

| | | |
|---|---|---|
| | | жогорулатуу. |
| | | 3.1.3. Судьялардын окуу борборунун макамын жогорулатуу. |
| | 3.2. Сот адилеттигин натыйжалуу жүргүзүүгө жетишүү | 3.2.1. Процесстик мыйзамдарды өркүндөтүү. |
| | | 3.2.2. Сот процессинде тараптардын атаандаштык механизмин өркүндөтүү. |
| | | 3.2.3. Аткаруу өндүрүшүнүн институтун өркүндөтүү. |
| | | 3.2.4. Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнө кошумча иш милдет үчүн адекваттуу компенсация тутумун иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. |
| | | 3.2.5. Бийликтин сот бутагынын ишинин маселелери боюнча Судьялар кеңешинин мыйзам чыгарууга демилге кылуу укугун караган түзөтүүлөрдү иштеп чыгуу жана мыйзамдарга киргизүү. |
| | | 3.2.6. Судьялардын жардамчыларынын институтун өркүндөтүү. |
| | | 3.2.7. Сот округдарын киргизүү. |
| | | 3.2.8. Иштердин категориялары боюнча судьялардын адистешүүсүн киргизүү. |
| | | 3.2.9. Талаш-тартыштарды жана жарашууларды сотко чейин жана соттон тышкары жөнгө салуу механизмдерин ишке киргизүү. |
| | | 3.2.10. Сот тутумунда стратегиялык пландоону киргизүү (кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү, узак мөөнөттүү). |
| | 3.3. Соттордун инфратүзүмүн белгиленген стандарттарга ылайык камсыздоо | 3.3.1. Белгиленген ченемдерге ылайык келген соттордун имараттарын куруу. |
| | | 3.3.2. Сот тутумунда маалыматтык технологияларды өнүктүрүү. |
| 4. Коом тараптан сотторго болгон ишенимге жетишүү | 4.1. Сот арачыларынын институтун киргизүү | 4.1.1. Сот арачыларынын институтун киргизүү үчүн шарттарды түзүү. Сот арачыларынын институтун киргизүү менен байланышкан чыгымдарды каржылоо жана андан ары сот арачыларынын учурдагы ишин камсыздоо үчүн негизделген бюджетти иштеп чыгуу жана кабыл алуу. |
| | 4.2. Судьялардын ишине тышкы (көз карандысыз) жана ички баа берүү тутуму аркылуу ишенимди жогорулатуу жана судьяларды жоопкерчиликке тартуунун натыйжалуу | 4.2.1. Сот тутумунун ишине баа берүү үчүн тышкы социологиялык изилдөөлөрдү өткөрүү механизмдерин иштеп чыгуу. |
| | | 4.2.2. Соттордун жана судьялардын ишине баа берүүнүн ички тутумун жана судьяларды жоопкерчиликке тартуунун |

| | | |
|---|---|---|
| | механизмин киргизүү | натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу. |
| | | 4.2.3. Судьяларга болгон тартиптик материалдарды кароонун ачык-айкындуулугун жогорулатуу. |
| | | 4.2.4. Судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин арасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын комплексин иштеп чыгуу жана кабыл алуу. |
| | 4.3. Сот иштерин жана материалдарды бөлүштүрүү механизмин өркүндөтүү | 4.3.1. Бардык соттордо судьялардын арасында сот иштерин жана материалдарды автоматтык түрдө бөлүштүрүү тутумун киргизүү. |
| | | 4.3.2. Соттордо маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды (МКТ) кеңири колдонуу. |

### 3.1.Максаттуу программаны ишке ашыруудагы тобокелдиктер

Максаттуу программанын максаттары жана милдеттери берилген ишти ийгиликтүү жүзөгө ашырган жана күтүлүүчү натыйжаларга жетишилген шартта гана жетишилиши жана аткарылышы мүмкүн.

Бирок түрдүү жагдайлар жана шарттар сот тутумунун өзүнүн алкагында да, ошондой эле тышкы тараптан да Максаттуу программаны ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн. Тобокелдиктер Иш-аракеттер планын ишке ашыруу деңгээлинде келип чыгып, бүтүндөй Максаттуу программанын максаттарын жана милдеттерин аткарууга түздөн-түз же кыйыр түрдө таасир этиши мүмкүн. Ошентип, аягында күтүлүүчү натыйжаларга жетишилбей калышы мүмкүн.

Ушуга байланыштуу 2-таблицада Максаттуу программанын алкагында ушул тобокелдиктерди аздыр-көптүр башкарууга мүмкүндүк берүүчү айрым жеңилдетүүчү чараларды көрүү болжолдонууда. Тобокелдиктерди башкаруу боюнча иш-аракеттерди жалпы координациялоону Судьялар кеңеши Жогорку сот, Конституциялык палата, Сот департаменти, Окуу борбору менен өз ара аракеттенүүдө бийликтин башка бутактары менен тыгыз байланышта ишке ашырышы керек.

**2-таблица. Кыргыз Республикасынын сот тутумунда тобокелдиктерди башкаруу**

| Мүмкүн болгон тобокелдиктин аталышы | Тобокелдиктерди башкаруу боюнча чаралар көрүлбөгөн учурда мүмкүн болгон кесепеттер | Тобокелдиктерди башкаруу боюнча иш-чаралар |
|---|---|---|
| **"Сот тутумунун реалдуу көз карандысыздыгына жетишүү" деген 1-стратегиялык максатка таасир этүүчү тышкы тобокелдиктер** | | |
| Сот тутумунун бекитилген бюджетинин каралган беренелеринин толук эмес көлөмдө каржыланышы. | Көз карандысыздык жана сот тутумунун кепилдигин камсыз кылуу принцибинин бузулушу.<br>Эгерде эсептик каржылоо алынбаса, анда Максаттуу программа максаттарга жетише албайт.<br>Судьялардын социалдык | Сот тутумун республикалык бюджеттин чыгымдалуучу бөлүгүнөн эң аз дегенде 2% өлчөмүндө каржылоону камсыз кылуучу мыйзамды кабыл алуу (этап менен жогорулатууну эске алып).<br>Сот тутумунун көз карандысыздыгы жана |

| | | |
|---|---|---|
| | кепилдиги төмөнкү деңгээлде кала берет.<br>Тутумдун ичинде коррупциянын андан ары өсүү коркунучу көбөйөт. | кепилдиктерди камсыздоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузган кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу.<br>Финансы министрлигинен бюджеттик жол-жоболорду так сактоону жана мыйзамды аткарууну талап кылуу.<br>Сот тутумунун бюджетинин чыгымдалуучу бөлүгүнүн аткарылышын үзгүлтүксүз контролдоону ишке ашыруу.<br>Судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмүн жана төлөө шарттарын аныктоодо бийликтин аткаруу бутагынын таасирин болтурбоо.<br>Судьяларды, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн жана соттордун аппарат кызматкерлерин мыйзамсыз кысымга алуудан коргоо тутумун камсыздоо. |
| Коррупция жана саясий кырдаалдын туруктуу эместиги.<br>Өлкөдө белгилүү бир саясий күчтөрдүн же башка топтордун судьяларды тандоого кызыкчылыгынын терс таасири жана үстөмдүүлүк кылуусу. | Судьяларды тандоо процессинде сот тутумунун көз карандысыздык принцибинин бузулушу.<br>Судьяларды тандоо процессинде тенденциялуулук.<br>Судьялардын белгилүү бир курамы тар чөйрөдөгү саясий адамдарга гана кызмат кылышы мүмкүн. | Судьяларды тандоо боюнча кеңешти түзүү жол-жобосун эл аралык принциптерге жана ченемдерге ылайык келтирүү.<br>Ченемдик укуктук актыны (ЧУА) макулдашуу жана ага түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүү. Лоббирлөө: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитеттеринде кароо жана аларды пленардык жыйындарда кабыл алуу. |
| Бийликтин башка бутактары тарабынан соттордун жана судьялардын ишине кийлигишүүсү | Судьялардын белгилүү бир курамы тар чөйрөдөгү саясий адамдарга гана кызмат кылышы мүмкүн. | Судьялардын ишине кийлигишүү фактылары жөнүндө билдирбегендиги үчүн бийликтин сот бутагынын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин киргизүү (судьялар тараптан коррупция болгондо).<br>Кийлигишүү же өзүнүн кызматтык абалынан пайдалануу жана судьяларды тигил же бул сот ишин туура эмес (мыйзамсыз) карагандыгына негизсиз жана далили жок айыптоо үчүн |

| | | |
|---|---|---|
| | | бийликтин башка бутактарынын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин киргизүү. |
| **"Сот тутумунун реалдуу көз карандысыздыгына жетишүү" деген 1-стратегиялык максатка таасир этүүчү ички тобокелдиктер** | | |
| Сот тутумунун бюджетинин чыгымдалуучу бөлүгүнүн аткарылышын Судьялар кеңеши тарабынан тийиштүү түрдө контролдоонун жоктугу. | Аткаруу бийлиги Судьялар кеңешинин макулдугусуз сот тутумунун бюджетин түзүү, каржылоону ачуу процессинде контролдук цифраларды белгилейт. | "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын так аткарууну камсыздоо.<br>Сот тутумунун бюджетинин аткарылышын контролдоону Судьялар кеңеши тарабынан дайыма ишке ашыруу. |
| Эски мыйзамдардын, мыйзам алдындагы ЧУАлардын болушу (айрым мыйзамдар, мыйзамдардын беренелери реформаларды жүргүзүүгө тоскоолдук кылат). | Эгерде айрым мыйзамдар, мыйзам алдындагы ЧУАлар кайра каралбаса жана өркүндөтүлбөсө, анда сот тутуму бийликтин башка бутактарына көз каранды бойдон кала берет. | Айрым мыйзамдарды кайра карап, аларга түзөтүүлөрдү киргизүү керек. Максаттуу программада аныкталган натыйжаларга жетишүү максатында мыйзамдарды жана мыйзам алдындагы ЧУАларды кайра кароо маанилүү роль ойнойт. Бирок сот бийлиги мыйзамдарды жана мыйзам алдындагы ЧУАларды өз алдынча карай албайт, ал үчүн бийликтин аткаруу жана мыйзам чыгаруу бутактары менен өз ара аракеттенүү керек, алар да реформаларды жүргүзүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул органдар мыйзамдарды жана мыйзам алдындагы ЧУАларды кайра карап чыгууга жана реформалоого жардам бербесе, ушуга байланыштуу эч бир иш-аракет көрбөсө же эгерде бул алардын ишинин артыкчылыктуу багыты болуп калбаса, анда жалгыз эле сот бийлигинин күч-аракети менен каалаган натыйжага жетише албайт. |
| **"Сот тутумунун ачык-айкындуулугуна жана отчеттуулугуна жетишүү" деген 2-стратегиялык максатка таасир этүүчү тышкы тобокелдиктер** | | |
| Консервативдүү саясий күчтөрдүн сот реформаларына каршылыгынын күчөшү. | Консервативдүү саясий күчтөр сот реформасын жүргүзүүнү болтурбайт. | Коомчулукка сот реформасын жүргүзүүнү болтурбоо боюнча бийликтин башка бутактарынын кызмат адамдары тарабынан болгон бардык аракеттер жөнүндө кабарлоо. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Координациялоону жана кызыкдар тараптар менен кызматташууну күчөтүү. |
| **"Соттордун ачык-айкындуулугуна жана отчеттуулугуна жетишүү" деген 2-стратегиялык максатка таасир этүүчү ички тобокелдиктер** | | |
| Сот тутумунун бюджетин каржылоодо жана анын аткарылышында ачык-айкындуулуктун жоктугу. | Бюджетти колдонууну бузуу жана өз кызыкчылыгында кыянаттык менен пайдалануу. | Материалдарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана сайтта жарыялоо, жарандык коомдун суроо-талабына жооп берүү аркылуу сот тутумунун бюджетин каржылоонун ачык-айкындуулугун камсыздоочу механизмди иштеп чыгуу.<br>Жарандык коомдун сот тутумунун бирдиктүү сайты аркылуу судьялардын жана соттордун аппараттарынын башка кызматкерлеринин кирешелери боюнча маалыматтарга жетүүсүн камсыздоо. |
| Сот жол-жоболорунун ачык-айкындуулугунун начарлашы. | Коомдун сот тутумуна карата ишениминин деңгээлинин төмөндөшү. | Сот бийлигинин маалыматтык-коммуникациялык саясатынын концепциясын жана аны ишке ашыруу боюнча чаралардын программасын иштеп чыгуу жана киргизүү.<br>Судьялар кеңешине, жергиликтүү сотторго, Сот департаментине басма сөз кызматтарды же басма сөз-катчынын кызмат ордун киргизүү. |
| Сот адилеттиги жөнүндө маалыматка жетүү деңгээлинин төмөндөшү. | Жарандардын жана юридикалык жактардын процесстерге катышууда сот иштеринин кыймылы жана аларды кароонун жыйынтыктары жөнүндө маалымат алышынын кыйынчылыгы. | Маалыматтык стенддерди орнотуу.<br>Сот чечимдеринин бирдиктүү электрондук базасын түзүү. |
| Сот жыйындарынын протоколдорун жүргүзүү тартибинин бузулушу. | Сот жыйналыштарынын протоколдорунда сот процесстеринин фиксациясынын анык эместигине даттануулар. | Сот процесстерин аудио жана видеого жазууну киргизүү. |
| **"Соттордун натыйжалуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө жетишүү" деген 3-стратегиялык максатка таасир этүүчү тышкы тобокелдиктер** | | |
| Өлкөдө криминогендик кырдаалдын начарлашы, анын натыйжасында судьялардын ишине | Иштерди кароо сапатынын начарлашы.<br>Иштерди кароо мөөнөтүнүн | Соттордун жана судьялардын адистешүү институтун кеңейтүү.<br>Талаш-тартыштарды жана |

| | | |
|---|---|---|
| оорчулук келүүдө. | бузулушу.<br>Жарандардын жана юридикалык жактардын конституциялык укуктарынын кемсинтилиши. | жарашууларды сотко чейин жана соттон тышкары жөнгө салуу механизмдерин киргизүү. |
| Өлкөдөгү социалдык-экономикалык кризис. | Өлкөдөгү социалдык-экономикалык кризис сот тутумун жетиштүү каржылоого таасир этиши мүмкүн, бул өз кезегинде соттордун ишинин натыйжалуулугуна, соттордун типтүү имараттарын эл аралык талаптарга жана стандарттарга ылайык курууга таасирин тийгизет. | Начар абалда турган соттор үчүн артыкчылыктарды аныктоону тездетүү жана имараттарды модернизациялоо жана куруу.<br>Модернизациялоо стандарттарын жана инфратүзүмдүк планды түзүү.<br>Соттордун имараттарын куруунун жана модернизациялоонун сметалык бааларын ашыра жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн болтурбоо, бул сот тутумунун бюджетине таасир этиши мүмкүн. |
| **"Соттордун натыйжалуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө жетишүү" деген 3-стратегиялык максатка таасир этүүчү ички тобокелдиктер** | | |
| Бийликтин сот бутагынын иш маселелери боюнча Судьялар кеңешинин мыйзам чыгаруу демилгесинин жоктугу. | Судьялар кеңешинин мыйзам чыгаруу демилгесинин жана сот тутумунун ичинде мыйзамдарды өркүндөтүүгө каалоосунун жоктугу сот тутумунун натыйжалуулугуна түздөн-түз таасир этиши мүмкүн. | Мыйзамдарга бийликтин сот бутагынын иш маселелери боюнча Судьялар кеңешинин мыйзам чыгарууну демилгелөө укугун караган түзөтүүлөрдү кабыл алуу: Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана "Ченемдик укуктук актылар жөнүндө", "Жогорку сот жана жергиликтүү соттор жөнүндө", "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына. |
| Сот тутумунда кесипкөй кадрлардын туруктуу эмес туруктуу токтобогондугу. | Үзгүлтүксүз негизде толук күч-кубатта сот тутумунун иштешин камсыздоо үчүн кадрдык потенциалды көбөйтүү каралат. Мында бардык эмгек ресурстарында жетишкендик болуп, судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин эмгегин адекваттуу сыйлоо болушу керек. Эгерде айрым жумуш орундары узак мезгил бою бош болсо, анда Максаттуу программа максаттуу натыйжаларга жетпей калышы мүмкүн. Ал үчүн судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин бош кызмат | Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнө, бардык инстанциядагы соттордун судьялары менен аппарат кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн адекваттуу тутумун иштеп чыгуу, бекитүү жана киргизүү.<br>Тандоо жана кызмат ордуна дайындоо процессинде судьялыкка талапкерлерге жогорулатылган талаптарды белгилөө аркылуу сот тутумун жогорку квалификациялуу жана татыктуу кадрлар менен камсыздоо. |

| | | |
|---|---|---|
| | орундары убагында толуп турушу керек. | Судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин кесиптик (түрдүү категориядагы иштер боюнча адистешүүсүн эске алуу менен) жана маданий деңгээлин жогорулатуу. |
| Коюлган милдеттерди ишке ашырууда жана конкреттүү иш-чараларды аныктоодо кетирилген каталар, чечимдерди жана иш-аракеттерди кабыл алуунун макулдашылбагандыгы жана тутумдуу эместиги. | Туура эмес коюлган милдеттер же ушул милдеттерди ишке ашыруунун жүрүшүндөгү каталар бүтүндөй Максаттуу программанын аткарылышына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.<br>Сот тутумунун бардык түзүмдөрүндө чечимдерди жана иш-аракеттерди кабыл алуунун макулдашылбагандыгы жана тутумдуу эместиги Максаттуу программадан четтөөлөргө жана аткарылышынын ордунан чыкпай калышына алып келиши мүмкүн. | Сот тутумунун ишине стратегиялык пландоону киргизүү (кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү, узак мөөнөттүү).<br>Максаттуу программанын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, баа берүү тутумун иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. |
| **"Коомдун соттorго карата ишенимине жетишүү" деген 4-стратегиялык максатка таасир этүүчү тышкы тобокелдиктер** | | |
| Жарандык коом тарабынан соттордун жана судьялардын ишине ишенимдин жоктугу. | Стратегиялык планда каралган натыйжаларды координациялоо жана кызыкдар тараптар, жарандык коомдун өкүлдөрү менен кызматташуу аркылуу гана алууга болот. Бул планды аткаруу үчүн жардам берүүгө жана кызматташууга жалпы кызыкчылыкты аныктоо үчүн керек.<br>Бир жагынан сот тутуму кызыкдар тараптарды өзүнүн планы жөнүндө маалымдашы керек болсо, экинчи жагынан жарандык коом ушул планды ишке ашырууда сот бийлиги менен кызматташа тургандыгы абдан маанилүү.<br>Эгерде кызыкдар тараптар менен кыйынчылыктар келип чыкса жана кызматташуудан баш тартылса, анда планда аныкталган максатка жетишилбей калышы мүмкүн. | Судьялардын ишине баа берүүнүн тышкы жана ички тутуму аркылуу сотторго болгон ишенимди арттыруу. |
| **"Коомдун сотторго карата ишенимине жетишүү" деген 4-стратегиялык максатка таасир этүүчү ички тобокелдиктер** | | |
| Соттордун жана судьялардын ишине баа берүүнүн ички тутумунун жоктугу. | Соттордун жана судьялардын ишине баа берүүнүн ички тутумунун жоктугу же андан баш тартуу эксперттик коомчулук | Соттордун жана судьялардын ишине баа берүүнүн ички тутумун иштеп чыгуу.<br>Эксперттик коомчулук менен |

| | | |
|---|---|---|
| | тараптан да, ошондой эле жалпысынан жарандык коом тараптан да ишенбестиктин андан ары курчушуна алып келиши мүмкүн. | өкмөттүк эмес уюмдардын (ӨЭУ) арасында соттордун жана судьялардын ишине баа берүүнүн ички тутумунун сунушталуучу механизмин коомдук талкуулоо.<br>ЖМК, ӨЭУлардын өкүлдөрүн тартуу менен Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын ачык жыйындарын үзгүлтүксүз өткөрүү.<br>Судьялардын жана аппарат кызматкерлеринин арасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын комплексин иштеп чыгуу жана кабыл алуу. |

## 4. Максаттуу программанын иш-чаралары

Максаттуу программанын максаттарына жетүү жана милдеттерин аткаруу Программанын төмөнкүдөй өз ара байланышкан иш-чараларын координацияланган аракеттер аркылуу ишке ашырылат.

Максаттуу программанын сот тутумун маалыматташтыруу боюнча иш-чараларын ишке ашыруунун алкагында төмөнкүлөр камсыздалууга тийиш:

- жарандар үчүн соттордун иши тууралуу маалыматтын ачык-айкындуулугу жана жеткиликтүүлүгү;

- жарандарга сотко кайрылган датадан тартып сот процесси аяктаганга чейин соттордун иши тууралуу маалымат алууда да, сот процессинин ар бир этабында да маалыматтык технологияларды колдонууга мүмкүндүк берүү;

- сот иш кагаздарын жүргүзүү ишин жана сот адилеттигин жүргүзүү боюнча соттордун ишин оптималдаштыруу аркылуу судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин иш жүктөмүн азайтуу;

- сотторду жана Жогорку сотко караштуу Сот департаментинин тутумун камсыздоо жана электрондук кол тамганы колдонуу менен электрондук документ жүргүзүү үчүн эң негизги булактар менен жабдуу;

- сот жыйналышынын жүрүшүн видео жана аудиопротоколдоо тутумун, документтерди санариптөөнүн программалык-техникалык каражаттарын жана видео-конференц байланыш жабдыктарын колдонуунун эсебинен, маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде соттордун ишинин сапатын арттыруу (сот иштерин тез жана сапаттуу чечүү), соттордун, сот органдарынын жана судьялык коомчулук органдарынын ишинин ачык-айкындуулугун, жеткиликтүүлүгүн жана маалымдуулугун жогорулатуу;

- документтерди сактоо үчүн электрондук архивди түзүү;

- ж.б.

### 4.1."2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы

Кыскартуулардын тизмеси:

ПА - Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты

ЖС - Кыргыз Республикасынын Жогорку соту

ЖОЖ - жогорку окуу жайы

МУКК - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук кызматы

МКК - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы

ЖК - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши

КП - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

ЖС - жергиликтүү соттор

ИИМ - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги

Финмин - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги

ЮМ - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги

ӨЭУ - өкмөттүк эмес уюмдар

ЧУА - ченемдик укуктук актылар

ИИИ - Илим изилдөө институту

ЖТ - Жумушчу топ

СД - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти

СК - Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши

СТК - Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңеши

ЖМК - жалпыга маалымдоо каражаттары

СОБ - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Судьялардын окуу борбору

ЭК - эксперттик коомчулук (адвокаттар, юристтер, окумуштуулар)

| № | Иш-чаралар | Жоопту аткаруучу | Мөөнөттөр | Күтүлүүчү натыйжа жана индикаторлор | Каржылоо булактары жана көлөмү (миң) |
|---|---|---|---|---|---|
| **1-максат. Сот тутумунун реалдуу көз карандысыздыгына жетишүү** | | | | | |
| 1.1-чакан максат. Бийликтин сот бутагынын тышкы таасир этүү факторлоруна көз карандылыгын болтурбоо | | | | | |
| 1.1.1-милдет. Сот тутумунун ишин, аны өркүндөтүүнү жөнгө салуучу мыйзам базасына талдоо жүргүзүү | | | | | |
| 1 | Сот тутумунун ишин жөнгө салуучу мыйзам базасына талдоо жүргүзүү, аны өркүндөтүү үчүн ЖС, ЖС КП, жергиликтүү соттордун, СК, КР ЖК профилдик комитетинин, КР ПА профилдик бөлүмүнүн, СД, ЮС, эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу топту түзүү. | СК, ЖС | 2014-жыл | ЖТнын курамы түзүлдү.<br>ЖТнын курамын бекитүү жөнүндө СКнын чечими. | Талап кылынбайт |
| 2 | ЖТнын Иш планын жана регламентин | ЖТ | 2014-жыл | ЖТнын Иш планын жана регламентин | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | бекитүү. | | | бекитүү жөнүндө протоколу | |
| 3 | Мыйзамды кабыл алганга чейин жана ЧУАларга түзөтүүлөрдү кабыл алгандан кийин пресс-релиздерди чыгаруу жана тегерек столдорду (бет ачарларды) өткөрүү менен ЖМКлар аркылуу соттук жана жарандык коомго маалымдоо. | СК, ЖС, КП | 2014-жыл | Коомго ЧУАларга киргизилген түзөтүүлөрдүн маани-маңызы тууралуу маалымдалды.<br>Мамлекеттик жана расмий тилдерде 2ден кем эмес пресс-релиз жарыяланды.<br>Пресс-релиздер 5тен кем эмес ЖМКда (гезиттер, журналдар, сайттар, ТВ ж.б.) жарыяланды.<br>Бир "тегерек стол" өткөрүлдү. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 1.1.2-милдет. Судьяларды тандоо боюнча кеңешти түзүү жол-жобосун эл аралык принциптерге жана ченемдерге ылайык келтирүү | | | | | |
| 1 | Эл аралык принциптерге жана улуттук мыйзамдардын ченемдерине салыштырма талдоо жүргүзүү. | ЖТ (1.1.1-милдеттин алкагында түзүлгөн), СК | 2014-жыл | Салыштырма талдоо жүргүзүүнүн отчету даярдалды. | Талап кылынбайт |
| 2 | Судьяларды тандоо боюнча кеңештин мүчөлөрүнүн ишин тиешелүү материалдык компенсациялоо менен Судьяларды тандоо боюнча кеңештин мүчөсү катары алардын иштөө мезгилинде соттук териштирүүлөрдө алардын өкүл же адвокат катары мүмкүн болгон катышуусун болтурбоо жөнүндө мыйзам долбоорун иштеп чыгуу. | СК, ЖС, СОС, ЖК | 2014-ж. | Мыйзамдын долбоору иштелип чыкты.<br>"Судьяларды тандоо боюнча кеңеш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана СтКнын регламентине түзөтүү киргизилди. | Талап кылынбайт |
| 3 | Судьяларды тандоо кеңешин түзүү боюнча жол-жобону жөнгө салуучу ЧУАларды өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп | СК, ЖТ, ЖК | 2014-жыл | Талданууга тийиш болгон ЧУАлардын тизмеси бекитилди.<br>Сунуштама мыйзам чыгаруу техникасынын | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | чыгуу. Сунуш кылынуучу сунуштамаларды жана түзөтүүлөрдү коомдук талкуулоо. ЧУАларды макулдашуу жана аларга түзөтүүлөрдү КР ЖКнын кароосуна киргизүү. Лоббирлөө: КР ЖКнын профилдик комитеттеринде кароо жана пленардык жыйындарда кабыл алуу. | | | талаптарына ылайык тариздедди. ЧУАлардын долбоорлору КР ЖКга киргизилди. ЧУАларга түзөтүүлөр КР ЖКда кабыл алынды. КР ЖКда кабыл алынган ЧУАлардын тизмеси. | |
| 4 | Мыйзамды кабыл алганга чейин жана ЧУАларга түзөтүүлөрдү кабыл алгандан кийин пресс-релиздерди чыгаруу жана тегерек столдорду (бет ачарларды) өткөрүү менен ЖМКлар аркылуу соттук жана жарандык коомго маалымдоо. | СК, СКнын басма сөз кызматы жана ЖС | 2014-жыл | Коомго ЧУАларга киргизилген түзөтүүлөрдүн маани-маңызы тууралуу маалымдалды. Мамлекеттик жана расмий тилдерде 2ден кем эмес пресс-релиз жарыяланды. Пресс-релиздер 5тен кем эмес ЖМКда (гезиттер, журналдар, сайттар, ТВ ж.б.) жарыяланды. Бир "тегерек стол" өткөрүлдү. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 1.1.3-милдет. Соттордун жана судьялардын ишине кийлигишүү же судьяларды тигил же бул сот ишин туура эмес (мыйзамсыз) карагандыгына негизсиз жана далили жок айыптоо үчүн мамлекеттик кызмат адамдарынын жоопкерчилигинин механизмин иштеп чыгуу | | | | | |
| 1 | Соттордун жана судьялардын ишине кийлигишүү же судьяларды тигил же бул сот ишин туура эмес (мыйзамсыз) карагандыгына негизсиз жана далили жок айыптоо үчүн мамлекеттик кызмат адамдарынын жоопкерчилигинин механизмин иштеп чыгуу. Мыйзамдын долбоорун даярдоо жана мыйзам | ЖТ (1.1.1-милдеттин алкагында түзүлгөн), СК | 2014-жыл | Мыйзамдын долбоору даярдалды. Мамлекеттик кызмат адамдарынын жоопкерчилик ченеми аныкталды. Мыйзам долбоорунун демилгечиси аныкталды. | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | долбоорунун демилгечисин аныктоо. | | | | |
| 2 | Сунуш кылынуучу жоопкерчилик механизмин жана мыйзам долбоорун коомдук талкуулоо.<br>Мыйзам долбоорун макулдашуу жана КР ЖКнын кароосуна киргизүү.<br>Лоббирлөө: КР ЖКнын профилдик комитеттеринде кароо жана пленардык жыйындарда кабыл алуу. | СК, ЖТ | 2014-жыл | Мыйзамдын долбоору мыйзам чыгаруу техникасынын талаптарына ылайык таризделди.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКга киргизилди.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКда кабыл алынды. | Талап кылынбайт |
| 3 | Жаңы мыйзамды кабыл алганга чейин жана кабыл алгандан кийин пресс-релиздерди чыгаруу жана "тегерек столдорду" (бет ачарларды) өткөрүү менен ЖМКлар аркылуу соттук жана жарандык коомго жоопкерчилик механизми жөнүндө маалымдоо. | СК, ЖСнын басма сөз кызматы | 2014-жыл | Коомго жаңы мыйзамдын маани-маңызы тууралуу маалымдалды.<br>Мамлекеттик жана расмий тилдерде кеминде 2 пресс-релиз жарыяланды.<br>Пресс-релиздер кеминде 5 ЖМКда (гезиттер, журналдар, сайттар, ТВ ж.б.) жарыяланды.<br>Кеминде бир "тегерек стол" өткөрүлдү. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 1.1.4-милдет. Судьялардын ишине кийлигишүү фактылары жөнүндө билдирбегендиги үчүн бийликтин сот бутагынын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин киргизүү | | | | | |
| 1 | Судьялардын ишине кийлигишүү фактылары тууралуу билдирбегендиги үчүн судьялардын укуктук жоопкерчилиги боюнча мыйзамга түзөтүүлөрдү киргизүү. Мыйзамдын долбоорун даярдоо жана мыйзам долбоорунун демилгечисин аныктоо. | ЖТ (1.1.1-милдеттин алкагында түзүлгөн), СК | 2014-жыл | Мыйзамдын долбоору даярдалды.<br>Бийликтин сот бутагынын кызмат адамдарынын жоопкерчилигинин ченеми аныкталды. | Талап кылынбайт |
| 2 | Сунуш кылынуучу жоопкерчилик механизмин жана | СК, ЖТ, ЖК | 2014-жыл | Мыйзамдын долбоору мыйзам чыгаруу | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | мыйзам долбоорун коомдук талкуулоо.<br>Мыйзам долбоорун макулдашуу жана КР ЖКнын кароосуна киргизүү.<br>Лоббирлөө: КР ЖКнын профилдик комитеттеринде кароо жана пленардык жыйындарда кабыл алуу. | | | техникасынын талаптарына ылайык таризделди.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКга киргизилди.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКда кабыл алынды. | |
| 3 | Жаңы мыйзамды кабыл алганга чейин жана кабыл алгандан кийин пресс-релиздерди чыгаруу жана "тегерек столдорду" (бет ачарларды) өткөрүү менен ЖМКлар аркылуу соттук жана жарандык коомго маалымдоо. | СК, ЖСнын басма сөз кызматы | 2014-жыл | Коомго жаңы мыйзамдын маани-маңызы тууралуу маалымдалды.<br>Мамлекеттик жана расмий тилдерде 2ден кем эмес пресс-релиз жарыяланды.<br>Пресс-релиздер 5тен кем эмес ЖМКда (гезиттер, журналдар, сайттар, ТВ ж.б.) жарыяланды.<br>Бир "тегерек стол" өткөрүлдү. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 1.1.5-милдет. Судьяларды, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн жана соттордун аппарат кызматкерлерин коргоо тутумун камсыздоо | | | | | |
| 1 | Бардык инстанциядагы соттордун имараттарынын коопсуздугун камсыздоо жөнүндө чечимди кабыл алуу:<br>"а" - судьяларды, соттордун аппарат кызматкерлерин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн коргоону камсыздоо жөнүндө ЧУАны иштеп чыгуу жана кабыл алуу;<br>"б" - адистештирилген Күзөт кызматын киргизүү (сот сакчылары);<br>"в" - тышкы видео байкоо жүргүзүү тутумун киргизүү; | СК, ЖС, ЖС КП,<br>СД, КР Өкмөтү, КР ЖК | 2014-2017-жылдар | Бардык инстанциядагы соттордун имараттарынын коопсуздугун камсыздоо жөнүндө чечим кабыл алынды.<br>"а" - судьяларды, соттордун аппарат кызматкерлерин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүн коргоону камсыздоо жөнүндө ЧУА кабыл алынды.<br>Төмөнкүлөр ишке киргизилди:<br>"б" - адистештирилген Күзөт кызматы (сот сакчылары), | "а" - Талап кылынбайт<br>"б"- Бекитилген бюджеттин чегинде |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | "г" - контролдоп-өткөрүү режимин киргизүү. | | | "в" - тышкы видео байкоо жүргүзүү тутуму,<br><br>"г" - контролдоо-өткөрүү режими. | "в" - Бекитилген бюджеттин чегинде<br>"г" - Бекитилген бюджеттин чегинде |
| 2 | Судьялардын, аппарат кызматкерлеринин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жеке коопсуздугун камсыздоо (реалдуу коркунуч фактысы болгондо):<br>- аларга зомбулук көрсөтүү коркунучу болгон учурда күзөт, курал-жарак жана бронежилеттерди берүү;<br>- өзгөчө учурларда судьяларды ротациялоону киргизүү. | СК, ЖС, ЖС КП,<br>СД, укук коргоо органдары менен макулдашуу (ИИМ, МУКК ж.б.) | Зарыл болгон учурда дайыма | Судьялардын, соттордун аппарат кызматкерлеринин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жеке коопсуздугун камсыздоо жөнүндө чечим кабыл алынды.<br>Судьялардын, аппарат кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жеке коопсуздук сезими жогорулады. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 1.1.6-милдет. Соттук өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын өнүктүрүү жана чыңдоо | | | | | |
| 1 | "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү:<br>- Кеңештин төрагасынын, судьялардын жана СКнин бюджеттик комиссиясынын төрагасынын милдеттерин аткаруу мөөнөтүндө Кеңештин төрагасынын, судьялардын жана СКнин бюджеттик комиссиясынын төрагасынын кызмат ордун негизги кызматтан бошотулган катары кароо. | Жумушчу топ (1.1.1-милдеттин алкагында түзүлгөн) | 2014-жыл | "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди. | Талап кылынбайт |
| 2 | Судьялар кеңешинин регламентине аны | СК, ЖС, КП, | 2014-жыл | Судьялар кеңешинин регламентине аны | Талап |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | өркүндөтүү максатында өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.<br>Бир түргө келтирүү жана өркүндөтүү максатында Судьялар кеңешинин комиссиялары жөнүндө жоболорго өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.<br>Судьялардын чогулушу үчүн типтүү регламентти иштеп чыгуу. | ЖС, СД | | өркүндөтүү максатында өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди.<br>Бир түргө келтирүү жана өркүндөтүү максатында Судьялар кеңешинин комиссиялары жөнүндө жоболорго өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди.<br>Судьялардын чогулушу үчүн типтүү регламент иштелип чыкты. | кылынбайт |
| 3 | Төмөнкүлөрдөн турган Судьялар кеңешинин кызматкерлеринин штатын киргизүү:<br>- Судьялар кеңешинин (негизги ишинен) бошотулган төрагасынан;<br>- СКнын бюджеттик комиссиясынын төрагасынан;<br>- IT адистен (Сот департаментинин штатында);<br>- финансылык аналитиктен (бюджет боюнча адис);<br>- басма сөз катчыдан;<br>- иш кагаздарын жүргүзүүчү-архивариустан. | СК, СД | 2014-2017-жылдар | Судьялардын кеңешинин кызматкерлеринин штаты киргизилди. | Бекитилген бюджеттин чегинде |
| 4 | СКнин мүчөсүнүн милдеттерин аткаруу менен байланыштуу Судьялар кеңешинин мүчөлөрүн камсыздоо (иш сапардык чыгымдар, суткалык чыгымдар, КММ ж.б.). | СК, СД | 2014-2017-жылдар | Судьялар кеңешинин мүчөлөрү СКнин мүчөсүнүн милдеттерин аткаруу менен байланышкан чыгымдарды компенсациялоо менен камсыздалууда (иш сапардык чыгымдар, суткалык чыгымдар, КММ ж.б.). | Бекитилген бюджеттин чегинде |
| 5 | Судьялардын кезектеги | СК, ЖС, КП, | 2014-2017- | Судьялардын | Бекитилген |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | курултайын уюштуруу жана өткөрүү; Судьялар кеңешинин жаңы курамын жана СКнин курамына резерв шайлоо; Судьялар кеңешинин комиссияларынын жаңы курамдарын шайлоо; Соттордун судьяларынын чогулуштарын, региондук соттордун судьяларынын чогулуштарын уюштуруу жана өткөрүү. | ЖС, СД | жылдар | кезектеги курултайы өткөрүлдү. Судьялар кеңешинин жаңы курамы жана СКнын курамына резерв шайланды. Судьялар кеңешинин комиссияларынын жаңы курамдары шайланды. Соттордун судьяларынын чогулуштары, региондук соттордун судьяларынын чогулуштары өткөрүлдү. | бюджеттин чегинде |
| 6 | IT технологияларды Судьялар кеңешинин ишине киргизүү: Судьялар кеңешинин веб-сайты, электрондук иш кагаздарын жүргүзүү ж.б. Эскертүү: Ошондой эле 4.3.2-милдет боюнча иш-чараларды аткарууну караңыз. | СК, ЖС, КП, ЖС, СД жана "Инфотутум" мамлекеттик ишканасы | 2014-2017-жылдар | IT технологиялар Судьялар кеңешинин ишине киргизилди. | Бекитилген бюджеттин чегинде |
| 1.2-чакан максат. Бийликтин сот бутагын жетиштүү каржылоону камсыздоо | | | | | |
| 1.2.1-милдет. 2014-жылдан тартып 1%дан 2017-жылга 2%га чейин этап менен сот тутумун каржылоого бюджеттин чыгымдалуучу бөлүгүнөн эң аз дегенде 2%дык үлүш менен камсыздоо (анын ичинде судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин эмгек акысын көбөйтүү) | | | | | |
| 1 | Төмөнкү мыйзамдарга түзөтүүлөрдү киргизүү: Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө; 2014-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2015-2016-жылдарга божомол жөнүндө ("Кыргыз Республикасынын сот тутумун каржылоо "Кыргыз | СК, ЖС, КП, СД, ЖК, Финмин | 2014-2017-жылдар | Мыйзамдардын долбоорлору даярдалды. Сот тутумун каржылоого бюджеттин чыгымдалуучу бөлүгүнөн эң аз дегенде 2%дык үлүштү камсыздоочу ченем аныкталды. | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө" Мыйзамга ылайык республикалык бюджеттин чыгымдарынын тиешелүү беренелери боюнча толук көлөмдө ишке ашырыла тургандыгы" тууралуу);<br>Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө;<br>Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын штаттык санынын чеги жөнүндө жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары тууралуу; | | | | |
| 2 | Сунуш кылынуучу мыйзам долбоорун коомдук талкуулоо.<br>Мыйзам долбоорун макулдашуу жана КР ЖКнын кароосуна киргизүү.<br>Лоббирлөө: КР ЖКнын профилдик комитеттеринде кароо жана пленардык жыйналышта кабыл алуу. | СК,ЖС, КП,СД, ЖК | 2014-жыл | Мыйзамдын долбоору мыйзам чыгаруу техникасынын талаптарына ылайык тариздделди.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКне киргизилди.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКде кабыл алынды.<br>Сот тутумунун бюджетинин өлчөмү бюджеттин чыгымдалуучу бөлүгүнүн эң аз дегенде 2%дык үлүшү катары камсыздалууда. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 3 | Сот тутумунун бюджетинин аткарылышын контролдоо жана түзүү механизмдерин иштеп чыгуу жана бекитүү. | СК,ЖС, КП,СД, СОБ, ЖТ, ЖК | 2014-жыл | Контролдоо механизми иштелип чыкты.<br>СКнын жыйындарын өткөрүүнүн үзгүлтүксүздүгү | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | (жылына 4 жолудан кем эмес).<br>Бюджеттин аткарылышы тууралуу маалыматтын өз убагында болуусу жана толуктугу. | |
| 4 | Сот тутумунун бюджетинин каржыланышын жана аткарылышын үзгүлтүксүз контролдоо, отчет берүү, аны ЖМКларда жана сайтта жарыялоо. | СК, ЖС, КП,СД, СОБ | Дайыма | Отчеттордун саны (жылына 4 жолудан кем эмес). | Талап кылынбайт |
| 5 | Сот тутумунун кызматкерлерине эмгек акы төлөөнү камсыздоо (Соцфондго чегерүүлөрдү эске алуу менен) | ЖК, Финмин | 2014-2017-жылдар | Эмгек акы республикалык бюджет жөнүндө КР Мыйзамына ылайык төлөнүүдө. | Бекитилген бюджеттин чегинде |
| 6 | Сот тутумунун ишинин учурдагы чыгымдарын камсыздоо | ЖК, Финмин | 2014-2017-жылдар | Учурдагы чыгымдар республикалык бюджет жөнүндө КР Мыйзамына ылайык камсыздалууда. | Бекитилген бюджеттин чегинде |
| 1.2.2-милдет. Сот тутумунун бюджетин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн кызмат адамдарынын административдик жоопкерчилигин киргизүү | | | | | |
| 1 | Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекске сот тутумунун бюджетин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги жөнүндө түзөтүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзамдын долбоорун иштеп чыгуу. | СК, ЖС, Финмин | 2014-жылдар | Мыйзамдын долбоору даярдалды.<br>Кызмат адамдарынын жоопкерчилигинин ченеми аныкталды. | Талап кылынбайт |
| 2 | Сунуш кылынуучу мыйзам долбоорун коомдук талкуулоо.<br>Мыйзам долбоорун макулдашуу жана КР ЖКнын кароосуна киргизүү.<br>Лоббирлөө: КР ЖКнын профилдик | СК, ЖС, ЖТ, ЖК | 2014-жылдар | Мыйзамдын долбоору мыйзам чыгаруу техникасынын талаптарына ылайык тариздедли.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКга киргизилди. | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | комитеттеринде кароо жана пленардык жыйындарында кабыл алуу. | | | Мыйзамдын долбоору КР ЖКда кабыл алынды. | |
| 3 | Жаңы мыйзамды кабыл алганга чейин жана кабыл алгандан кийин пресс-релиздерди чыгаруу жана "тегерек столдорду" (бет ачарларды) өткөрүү менен ЖМКлар аркылуу кызмат адамдарына, соттук жана жарандык коомго маалымдоо. | СК, ЖСнын басма сөз кызматы | 2014-жыл | Коомго жаңы мыйзамдын маани-маңызы тууралуу маалымдалды.<br>Мамлекеттик жана расмий тилдерде 2ден кем эмес пресс-релиз жарыяланды.<br>Пресс-релиздер 5тен кем эмес ЖМКда (гезиттер, журналдар, сайттар, ТВ ж.б.) жарыяланды.<br>Бир "тегерек стол" өткөрүлдү. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 1.2.3-милдет. Судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмүн жана шарттарын аныктоодо бийликтин аткаруу бутагынын таасирин болтурбоо | | | | | |
| 1 | Судьялар кеңешине төмөнкү мыйзамдарга түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу судьялардын жана соттордун (аскер сотторунан тышкары) аппарат кызматкерлеринин, САКБнын, Ыйгарым укуктуу органдын жана КР Жогорку Сотуна караштуу Судьялардын окуу борборунун кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмүн жана төлөө шарттарын өз алдынча аныктоо укугун бөлүп берүү.<br>Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө;<br>Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө;<br>Кыргыз | СК, ЖС, КП, ЖК, Финмин | 2014-2015-жылдар | Мыйзамдын долбоору даярдалды.<br>Судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмүн жана төлөө шарттарын өз алдынча аныктоо укугун белгилөөчү ченем аныкталды. | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын штаттык санынын чеги жөнүндө жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары тууралуу. | | | | |
| 2 | Сунуш кылынуучу мыйзам долбоорун коомдук талкуулоо.<br>Мыйзам долбоорун макулдашуу жана КР ЖКнын кароосуна киргизүү.<br>Лоббирлөө: КР ЖКнын профилдик комитеттеринде кароо жана пленардык жыйындарында кабыл алуу. | СК, ЖТ, ЖК | 2014-2015-жылдар | Мыйзамдын долбоору мыйзам чыгаруу техникасынын талаптарына ылайык тариздедди.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКне киргизилди.<br>Мыйзамдын долбоору КР ЖКде кабыл алынды. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 3 | Сот тутумуна судьялардын жана соттордун аппарат кызматкерлеринин эмгек акысынын өлчөмүн жана төлөө шарттарын өз алдынча аныктоо укугун бөлүп берүү жөнүндө мыйзамды кабыл алганга чейин пресс-релиздерди чыгаруу жана "тегерек столдорду" (бет ачарларды) өткөрүү менен ЖМКлар аркылуу бийликтин башка бутактарына, кызмат адамдарына, соттук жана жарандык коомго кабыл алынган жаңы мыйзам тууралуу маалымдоо. | СК, ЖСнун басма сөз кызматы | 2014-2017-жылдар | Коомго жаңы мыйзамдын маани-маңызы тууралуу маалымдалды.<br>Мамлекеттик жана расмий тилдерде 2ден кем эмес пресс-релиз жарыяланды.<br>Пресс-релиздер 5тен кем эмес ЖМКда (гезиттер, журналдар, сайттар, ТВ ж.б.) жарыяланды.<br>Бир "тегерек стол" өткөрүлдү. | Бекитилген бюджеттин чегинде, эл аралык донорлор менен макулдашуу боюнча |
| 1.2.4-милдет. Сот тутумунун бюджетин түзүү процессинде бийликтин аткаруу бутагынын таасирин болтурбоо, контролдук цифраларды белгилөөнү болтурбоо | | | | | |
| 1 | "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Мыйзамдын 9-беренесинин төмөнкү | СКнин бюджеттик комиссиясы, СД, КП, ЖС, СОБ, ЖК, Финмин | 2014-ж. январынан баштап дайыма | Мыйзам бузулган жок жана контролдук цифралар эми белгиленбейт.<br>Бийликтин аткаруу бутагынын | Талап кылынбайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
